5 Мусулман аалымынын саясатта орду барбы?



8 Эрмек 16 жашында Samsungга кантип орношкон?




Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

18-июнь
2015-жы
№5 (05)
saresep




Орусиянын саясатын биздин орустар катуу сындады
6-бетте



Тойго да, жаназага да насыя сунушташат
3-бетте




Көшөгөгө өспүрүмдөр кирүүдө
13-бетте



# Кыргыз футболуна азыркы стадиону тар келип калды

8-бетте



## Жылмайган Ысык-Көлгө Оштон 35 мүнөттө жетсе болот

13-июнда Ош-Тамчы багыты боюнча биринчи авиакаттам болду. Авиакаттам 35 мүнөткө созулду.

Ысык-Көл облусунун өкүлү Эмилбек Каптагаев Оштон Ысык-Көлгө учак каттамдарына талап жумасына бир жолу эмес, бир нече жолу болоору күтүлүп жатканын айтты.

Кыргызстанды жана Ысык-Көлдү таанытууга арналган "Ачык Ысык-Көл – 2015" III Эл аралык фестивалга катышкан Кыргызстандык космонавт Салижан Шарипов жыл сайын атайын Ысык-Көлгө эс алганы келип кеткенин айтып, Кыргызстанды көп туристтерге таанытыш керектигин белгилеп өттү.

Космонавт: "Баарыбыз билгендей Ысык-Көл бул биздин эң сыймыктана турган жерибиз. Өкүнүчтүүсү көп адамдар Ысык-Көлгө келишпей, бул сулуулукту көрбөй жатышат. Биз космосто учуп жүргөндө, дайыма керемет Ысык-Көлгө көңүл бурабыз. Ысык-Көлдө түшкөн сүрөттөрүм абдан көп. Бир жолу эсептесем жарым жылдын ичинде 15 миң болуптур. Мен тааныш-билиштериме жана досторума сүрөттөрдү белекке бердим. Кыргызстандын аябай кооз жерлери көп. Мисалы, Нарын, Өзгөн жана башка облустарга барып турам. Мен баарына айткым келет Кыргызстан абдан керемет. Жумуштарыңды бүтүрүп алып, бул жакка эс алуу кандай гана ырахат. Көлдүн жер-жемиштери таптаза жана аябагандай даамдуу болот. Жылмаюу бул сонун нерсе го, дайыма жылмайып турган адам жакшы көрүнөт. Ысык-Көл космостон дайыма жылмайып турат",- деди.



## Балдардын жөлөк пулу 1-июлдан баштап 15 пайызга көтөрүлөт

Бул жылы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү балдарга берилүүчү жөлөк пулдун өлчөмү, 705 сомдон 810 сомго көтөрүлөт. Бул тууралуу Социалдык өнүктүрүү министрлигинин басма сөз кызматынан билдиришти.

Бүгүнкү күндө, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө туура келген кирешенин өлчөмү бир балага 705 сомду түзөт. Бул жылы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү балдарга берилүүчү жөлөк пулдун өлчөмү, пландалгандай эле 2015-жылдын 1-июлунан тартып көбөйтүлөт. Жөлөк пулдун өлчөмү кепилденген эң төмөнкү киреше болгон 705 сомдон 810 сомго, б.а. 15%га жогорулатуу жолу менен көбөйтүлөт. Жөлөк пулдун өлчөмүн жогорулатууну караган токтом долбоору Өкмөттүн кароосуна жиберилди.

Эгерде үй-бүлө турмуштук оор кырдаалга кабылса жана балдарын өз алдынча камсыздай албаса, анда ал үй-бүлөгө мамлекет колдоо көрсөтөт. Жөлөк пул төлөө колдоонун бир түрү болуп эсептелет. Жөлөк пулдун өлчөмү мамлекеттин бюджетине көз каранды.

# Мөңгүлөрдү бузуу кыргыз элинин кызыкчылыгына каршы келет



16-июнда Таластагы жыйында сөз сүйлөгөн эл өкүлү Өмүрбек Текебаев, Өкмөт тарабынан сунушталып жаткан Суу кодексине өзгөртүү киргизип, мөңгүлөрдү талкалап жылдырууга уруксат берген мыйзам долбоорун сынга алды.

Текебаевдин айтымында Ата-Мекен партиясы мөңгүнү бузууга каршы. Ал: "Кыргызстан цианидсиз өлкө болсун. Алтын иштетүүдө цианид пайдаланбасын деген чечим чыгарылды. Бул "Жерүй иштебейт" дегенди билдирет. Ал эми мөңгү маселеси эртең 17-июнда Жогорку Кеңеште чечилет", - деди. Эл өкүлү Кумтөрдү менчикке алуу зарыл экенин айтып, мамлекет жетекчилиги менен коомчулук бирдиктүү болсо аны ишке ашырууга күч жетээрине токтолду. "Мөңгү байлыгыбыз, Ала-Тоо сыймыгыбыз. Ансыз бизде ата мекен болбойт" – деди Текебаев. Текебаев таластыктарда Жерүй Кумтөрдүн кейпин киет деген чочулоо көп экенин кошумчалады.




## Айдоочуну атып өлтүргөн ЖКК кызматкери камакка алынды

Баш ийбеген айдоочуга курал колдонгон Жол кайгуул кызматкерин эки айга камоого чечим чыгарылды.

11-июндан 12-июнга караган түнү Чүй областынын Беловодск айылында Жол кайгуул кызматынын кызматкеринин огунан 23 жаштагы Тилек Шаабаев каза болгон. ИИМдин басма сөз катчысы Эрнис Осмонбаев берген маалыматка караганда, айдоочу жол эрежесин бузганы үчүн унаасын токтотуусу буйрулган. Ага баш ийбеген айдоочу качканда кызматкерлер жол жээгине кысып токтотуп, эскертүү ирээтинде ок чыгарган. Ага да болбогон айдоочу жол кайгуул кызматкерин сүзүп, качып кетүүгө аракет кылган. Ошол учурда кызматкердин куралынан кокустан ок чыгып, айдоочуга тийген. Ал ооруканага жеткирилгенине карабастан көз жумган. Учурда бул иш боюнча прокуратура жана министрликтин өздүк коопсуздук кызматы тергөө ишин жүргүзүп жатат.

Жол кайгуул кызматынын маалымат борборунун жетекчиси Тилек Оторов, жол эрежесин бузган айдоочуларды кууганга мыйзам уруксат берээрин айтып, кайсыл убакта курал колдонууга болоорун тизмектеп берди.

"Баш ийбеген айдоочунун унаасын токтотуу үчүн дөңгөлөгүнө же башка жерине атып токтотсо болот. Ошондой эле куралдуу адамга каршы же өзүнүн жана башка жарандардын өмүрүнө коркунуч алып келген учурда кызматкерлер курал колдоно алат. Ал эми жогоруда аталган окуяга тергөө баа берет",-деди Оторов.

Коопсуздук боюнча серепчи Токтогул Какчекеев, укук коргоо органдары катуу иштебесе, өлкөдө башаламандык жайылууда. Милиция куралын мыйзам бузгандарга карата колдонуу үчүн көтөрүп жүрөрүн билдирди.

"Мыйзам укук коргоо органдарына курал алып жүрүүгө жана аны колдонууга уруксат берет. Алар коомдук тартипти сакташы керек. Андыктан жарандар мыйзамга баш ийип, укугун гана эмес, милдетин да билиши керек. Бул окуяда болсо, адам өмүрү кыйылып жатат, андыктан, адилеттүү тергөө жүргүзүлүп туура баа берилиши керек", - дейт серепчи.

Кошумчалай кетсек, маркум үч күн мурун жерге берилди. Туугандары Жол кайгуул кызматкерлерин кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланган деп айыпташууда. Кечээ Москва райондук сотунун токтому менен айыпталып жаткан инспектор эки айга камакка алынды. Тергөө уланып жатат.

## Журналистке доо өлчөмү дагы 1 млн сомго көбөйтүлдү

16-июнда Аламүдүн райондук сотунда журналист Дайырбек Орунбековго каршы башкы прокурор Индира Жолдубаеванын 17-апрелдеги доо арызы каралды. Доо арызда Башкы прокурор журналист Орунбеков өз макаласында Президент Алмазбек Атамбаевдин ар-намысына шек келтирген деп, андан 1 млн. сом өндүрүүнү талап кылган. Сотто башкы прокурор доонун өлчөмүн дагы 1 млн. сомго көтөрдү.

Эске салсак, 2014-жылдын аягында "Жаңы Жүздөр" гезитине жарыяланган макаланын негизинде Башкы прокуратура "maalymat.kg" сайтынын ээси Дайырбек Орунбековго 329-берене менен кылмыш ишин козгогон.

Буга чейин, Орунбековго козголгон кылмыш иши токтотулуп, сотто күнөөсүз деп акталгандыгы айтылган. Бирок, Башкы прокуратура Президент Алмазбек Атамбаевдин кадыр-баркына шек келтирди деген жүйөө менен ага кайрадан кылмыш ишин козгогон. Аламүдүн райондук соту Башкы прокурордун доо арызын 22-июнда карайт.



# Тойго да, жаназага да насыя сунушташат

Өнүккөн өлкөлөрдө, маселен, Японияда нөлдөн төмөн пайыз менен насыялар берилет. Орусияда насыя алып ишкана, мал өстүргөн фермаларды түзсө, Өкмөт пайызын төлөп берет. Коюлган шарттар толук аткарылса насыянын өзүн да жоюп салат. Кыргызстандагы насыя алуучулардын көйгөйү тууралуу «Насыя алуучулардын укугун коргоо» кыймылынын тең төрагасы Кубат Токсобаев менен маектештик



БАХАР ХАКИМОВА

### Жалпы элибиз насыяга малынды

Жумушсуздуктун айынан Кыргызстанда 600 минден ашык адам насыя алат. Бирок төлөмдөрүн төлөй албай кыйналып жатышат. Мамлекетте системалуу кризис болуп, паракорчулук да күч алган. Чек аралар жабылып, валюта курсу өсүп кетти. Былтыр өтө чоң кургакчылык болду. Быйыл болсо малдын баасы түшүп кетти. Орусиянын рыногундагы кризистин таасири да тийүүдө.

### Кыргызстандын түштүк тарабында насыя алгандар көп

Түштүктө элдин саны көп, басымдуу бөлүгү Орусияда иштейт. Ошол жактан иштеп келген акчалары менен насыяларын жаап жатышат. Бирок ал жакта да доллардын баасы өсүп кеткенине байланыштуу карызга батып калышууда. Чүй аймагында насыя алгандар аз. Себеби өндүрүш ишканалары көбүнчө Чүй өрөөнүндө жайгашкан. Жумушсуздук маселеси да жеңилирээк. Калган аймактарда да насыя аркылуу иш жүргүзгөндөр арбын.

### Насыя алуу оңой, төлөө оор

Кыргызстанда насыя алуу, төлөгөнгө караганда жеңил. Өнүккөн мамлекеттерди карасак, маселен Япония, Германияда насыяларды элге жардам берүү, өндүрүштү өстүрөбүз деген максатта беришет. Бизде болсо башаламан берилет. Тойлорго, жада калса айылда бирөө кайтыш болуп кетсе, насыя берүүчү мекемелердин адистери келип, насыя алууну сунушташат. Тоого, жайлоодо жашагандарга чейин барып элге насыя сунушташат. Азыр кээ бир айылдарга барсаң ар бир үйдө кымбат баадагы телевизорлор турат. Анын баары насыяга алынган.

### Насыя берүүчүлөр алуучунун мүмкүнчүлүгүнө карабайт

Насыя берүүчү мекемелердин көбүнчөсүндө мындай бир система бар: эгерде ошол компаниядагы адис көбүрөөк насыя берсе, ал акчаны өндүрсө, ошончолук айлыгы көбөйүп, премия берилет. Эгерде төлөй албай калса, айлыгын кесип, жумуштан чыгарат. Ошол себептен көбүрөөк суммада бергенге аракет кылышат. Мындай жол менен карапайым элди кысып жатышат.

### Насыя алуучулардын укугун коргойбуз

Насыя алуучулардын укукугун коргогон элдик кыймыл расмий түрдө 4 жылдан бери иштеп келет. Биз бардык республика боюнча иштейбиз. Бул убакыттын ичинде Жогорку Кеңешке бир топ мыйзам долбоорун сунуштадык. Алардын айрымдары кабыл алынбай келет. Күчүнө кирген мыйзамдар да насыя алуучулардын азыркы учурдагы көйгөйлөрүн толук чечпей жатат. Биз банктар менен сүйлөшүп, алардан кардарларга каникул алып берип жатабыз. Үйлөрүн алдыртпай сотко да катышабыз. Бактыга жараша бизге кайрылган 90 пайыз элдин үйлөрү алынган жок.

### Кыргызстанда эч бир банк ислам принциптери менен насыя бербейт

Ислам принциби менен насыя берүү бул пайызсыз насыя берүү дегенди билдирет. Бизде бир дагы банк пайызсыз насыя бербейт. Анын жыты да жок. Кыргызстанда паракорчулук көбөйүп кеткендиктен, чет жактан ислам өлкөлөрүнөн банктар келүүнү каалаcaса, жол бербейт. Себеби алар келсе Кыргызстандагы банктар пайда таппай калышат.

### Жалпы экономикалык программа керек

Чакан жана орто ишканаларды иштетүү боюнча программа түзүлүш керек. Бул кырдаалдан чыгуунун дагы бир жолу. Эгер эл жумуш менен камсыз болсо Кыргызстан бат эле туңгуюктан чыгып кетет. Ошол эле учурда, мамлекет өзүнүн каржылык, насыялык саясатын дүйнөлүк каржы мекемелерине өткөрө алса көйгөй чечилет. Бирок Кыргызстандын ага күчү жетпейт. Маселен Япония сыяктуу өлкөлөрдө нөлдөн төмөн пайыз менен насыялар берилет. Орусиянын бир банкында насыя берүү шарты мындай: эгер кардар ишкана, мал өстүргөн фермаларды түзсө, 3 жылдын ичинде көзөмөлгө алып, Өкмөтү пайызын төлөп берет. Коюлган шарттары аткарылса, алган насыясын жоюп салат. Андан тышкары Жогорку Кеңеш, Өкмөт жумуш орундарын түзүш керек. Айрыкча айыл аймактарында салык боюнча жеңилдиктер болсо, баары шаарга же болбосо Орусияга иш издеп кетпейт эле.

# Насыяга көзөмөл жүргүзгөнгө мамлекеттин укугу жок

Кыргызстанда калктын басымдуу бөлүгү насыя менен жашайт. Насыянын пайыздык көлөмдөрү жогору болгондуктан, көпчүлүк төлөй албай, кээ бирилери өз жанын кыйганга чейин барышууда. Насыя боюнча экономика жаатындагы адис Таалайбек Сапаралиев менен маектештик

НУРЛАН ТАСМАЕВ

**–Насыя алуучулардын укугун коргоо кыймылынын өкүлдөрү билдиргендей, Кыргызстанды 70% калкы насыя менен жашайт. Бул көрсөткүч биз үчүн көп эмеспи? Бул көйгөйдү кантип чечсек болот?**

– Азыркы заманда насыя деген рычаг сыяктуу. Бир көйгөй чечилбей жатса, ошол көйгөйдү чечүү үчүн алышат. Насыянын алган жана берген эки жагы бар. Биздики Кытайдыкындай же Американыкындай чоң банктар эмес. Биздин банктар акча көбөйтүү этабында. Биз Конституция боюнча базар экономикасында жашап жатабыз. Банктар дагы банкрот болгусу келбейт. Муну туура түшүнүшүбүз керек. Насыянын баасын базар көзөмөлдөйт. Акчаны насыяга берүү каражатты салуучу жана алуучуга жараша болот. Мурдагы СССР учурундагыдай болгондо үстөк пайызын мамлекет көзөмөлгө алмак. Азыр көзөмөл жүргүзгөнгө мамлекеттин укугу жок. Себеби баш мыйзамда ошондой жазылган.

**– Насыя алуучулар эмне себептен чоң банктардан эмес, микрокредиттик компаниялардан насыя алууну тандашат?**

– Ал оңой да. Мисалга, микрокредиттик компаниялар банктарга карганда шартты азыраак коюшат. Банктар банкрот болуп калуудан коркушат. Сөзсүз түрдө күрөө коюуну талап кылат. Ал эми микрокредиттик компанияларда күрөө койбой эле, 5-6 кишини чогултуп, уюм түзүлсө бере берет. Ал элге оңой шарт болуп жатат. Ошон үчүн микрокредиттик компаниялар насыялык пайызын жогору, бирок шартын оңой кылып коюшат. Бул рыноктун шарты ушундай. Оңой алыш үчүн элдер ошолорго барышат.

**– Бул күнгө чейин насыя алуучулардын укугун коргогон кыймыл ЖКга насыяга байланышкан 8 мыйзам долбоорун сунуштаган. Алардын ичинде күрөөгө үй коюуну токтотуу боюнча мыйзам долбоору дагы бар. Бирок бул мыйзам долбоору өтпөй келет? Буга эмне себеп болууда?**

– Жогорку Кеңеш Конституциядан коркуп жатышат. Анткени алар алуучулардын да, берүүчүлөрдүн да укугун коргошу керек. А берүүчүлөр банкрот болуп калуудан коркот. Бул жерде банктын да кызыкчылыгы турат. Банкта дагы өтө кыйын юристтер бар. Азыркы Кыргызстандагы ушундай шартта, бизде өтө көп акча болбогондуктан, өлкөнүн экономикасы үчүн банктар керек. Мисалга, "Дордой", "Кара-Суу" сыяктуу базарлар бир гана насыячылардын эсебинен иштеп жатат. Насыя токтосо, ошол базарлардагы соода токтоп калышы мүмкүн. Анткени ал жерде өтө чоң каражат айланып жатат. Негизинен элге насыя жөнүндө туура түшүндүрүш керек. Ал кайтарып бере алабы, же бере албайбы? Мисалга, "Дордойдо" иштегендер кайтарып бергенге мүмкүнчүлүгү бар. Ал эми айлык менен отургандар кайтарып бере албай калышы мүмкүн. Бул жерде эки тарап тең туура түшүнүп анан иш кылышы керек.


**– Насыя алуу боюнча мамлекет менен банктардын ортосунда атайын фонд түзүүнү сунуштап жатышат. Сунушка ылайык, насыя алган тарап насыясын убагында төлөй албай калган учурда, бул фонд акча төлөп берет. Кийин насыя алуучу акчаны фондго кайтарып берет. Бул насыя алуучунун укугун канчалык деңгээлде коргойт?**

– Бул абдан чоң жакшы иш болмок. Мисал үчүн, насыя алуучулар каражатты туура эмес пайдалангандыктан, банкроттукка учурап калышат. Фонд түзүлсө насыя алуучуларга чоң жардам болмок. Муну менен үйүн алдырып койгон жарандар үйүн кайра сатып алууга мүмкүнчүлүк түзүлмөк. Ушул жол айтылып жаткан көйгөйдөн чыгуунун шарты болуп эсептелет.



**– Микрокредиттик компаниялар көпчүлүк учурда насыяны жеке жактан каржылашат. Бул багытта базарды жөнгө салуу үчүн, мамлекет өзү көзөмөлдөсө болбойбу?**

– Муну Улуттук банк көзөмөлдөйт. Бул алардын түздөн-түз иши. Бирок алар ар бир кардарды кандай шартта насыя алып жаткандыгын көзөмөлдөй албайт. Алар болгону мыйзамдын чегинде иш кылып жатабы ошону гана көзөмөлдөй алат. Эң негизгиси насыя алып жаткан адамдарга туура түшүндүрүш керек. Көпчүлүгү насыяны алып, ага машина сатып алат, же тойго жумшап салып, кайра төлөй албай калат. Анда бул жерде ким күнөөлүү? Насыя алып жаткан киши белгилүү бир максат менен алышы керек.



# Орозонун адамдын психикасына тийгизген таасири

"Аргументы и факты" гезитине орус философу Михаил Веллер: "Орус элинин "тойгон ачты түшүнбөйт" деген сөзү терең мааниге ээ. Мен жылына бир-эки ирет тааныштарым менен эскорт машиналарга түшүп калам. 20 мүнөттөй өткөндө унаа тыгыны жок сыяктуу сезиле баштайт. Ошондуктан ак сөөктүк деңгээлде жашаган адам, эл кантип жашап жатканын элестете албай калат", - деген оюн айткан

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

## Эмне жөнүндө сөз болмокчу?

Латын тилинен келген "психология" түшүнүгү "психо"– "напси же рух" жана "логос" – "илим" деген сөздөрдөн куралганы баарыбызга маалым.

Араб тилинин "нафс" сөзүнөн келип кыргызча колдонулган напси – "бир нерсенин дал өзү" деген түшүнүктү берет. Аалымдар напси бул адамдын бардык негативдүү, айбандык, жыныстык каалоо жана шакыбаттарына жол ачкан магистраль сыяктуу нерсе дешет. Рух болсо тетирисинче бул дүйнө менен эч байланышы жок сыяктуу, өзүнө адилеттүүлүк, түбөлүктүүлүк жана уяттуулук сыяктуу позитивдүү сезимдерди камтыган, адамды компас сыяктуу дайыма Жаратканына багыттаган нерсе.

## Батыш жана Орусия табият илимдери ачкалык тууралуу

Абройлуу Британ энциклопедиясында: "Диндердин дээрлик көбү орозону милдет кылган. Орозо кармоону диний жөрөлгөлөргө көңүл бурбагандар дагы колдонушат", – делген.

Табият илимдери орозону диета, б.а. денени сакайтууда негизги ыкма же чыгармачыл илхам келишине себеп деп карайт. Байыртадан бери орозо эч качан күндөмдөн түшпөй изилденип жана пайдаланылып келүүдө. Белгиленген бир мөөнөт ачка калуу сакаюунун ыкмасы катары эң байыркы медициналык булактарда айтылган. Анын пайдасы жөнүндө көптөгөн илимий жана эксперименталдык маалыматтар бар.

Адамдын эмоциялары денесине канчалык аз таасир берсе, ошончолук деңгээлде адамдын денеси менен рухунун байланышы бузулган болот. Психотерапевт кардардын денесине багыттуу таасир бергенде, адамдын акылында түрдүү стереотиптер менен басылып жаткан сезимдер пайда болушу мүмкүн. Ошондуктан кардардын денесине багыттуу жана системалык таасир берүү менен адамдын психологиялык абалын жакшыртса болот.

## Адамдын денеси ачкалыктан алсыраганда руху үн ката баштайт

Убактылуу тамактан чектелүү психотерапевтикалык ыкма катары кеңири колдонулат. Адамдын "эч нерсе сезбей калуусу" заманбап психологияда кеңири кездешкен көйгөй. Көптөгөн кардарлардын денеси менен психикасынын ортосундагы байланыш бузулуп, өтүшүп кеткен керестик пайда болот. Бул болсо жашоо менен ыкташууну жок кылып, психосоматикалык оорулардын пайда болуусуна шарт түзөт. Мындай мерестик түрдүү психологиялык көйгөйлөрдү дайыма пайда кылып турган жагымсыз фактор болуп калат.

Ошондуктан тамактанууну чектөө психологиялык практикада кеңири колдонулган ыкма. Алгач кардардын түрдүү таблеткалардан (антидепрессант, тынчтандыруучу ж.б.у.с.) баш тартуу варианты каралат. Андан соң белгилүү бир мөөнөт, белгилүү бир тартип менен ачка калуу жадыбалы түзүлөт. Мындай ачка болуу кардардын буга чейин калыптанып калган психикалык дискомфорттон "жеп кутулуу" схемасына катуу сокку урат. Ушунда гана адамдын руху тамак менен басылып жаткан психологиялык оорулары тууралуу үн ката баштайт. Көп учурда булар айыктырууну талап кылган тынчсыздануу, коркуу, жийиркенүү, туура эмес жыныстык каалоолор сыяктуу психикалык оорулар.

Адам өз акыл эсин жана сезимдерин ачкалык менен ойготкондо гана бактылуу жашоого чыйыр салып баштайт. Инсан напсисин жекеме-жекеге чакырып, дайыма жеңишке ээ болуп турушу керек. Тамак ичүү көпчүлүк үчүн рахат алып келген нерсе, ошондуктан андан тартылуу адамга эрки менен сыймыктануу жана каалоолорун оозduктоо рахатын тартуулайт.

## Улуу буйрук – эбегейсиз жеңилдик

Көптөгөн диний ишенимдер ачкалык ыкмасын руханий жогорулоо жана жетилүү үчүн пайдаланат. Бул дүйнөдө катардагы жетекчиликтин буйругу эмне экенин билген адам үчүн, Чексиз Кудуреттүү жана Даанышман биринин буйрук берүүсү бул эбегейсиз жеңилдик экени айдан ачык. Анткени ал жүрөктөгү болгон коркунуч жана күмөндөрдү так калтырбастан жууп кетет.

Орозо – адамдын дене жана руханий ден соолугу үчүн аба, суу, тамак-аш, уйку, кыймыл сыяктуу табигый зарыл нерсе. Узагыраак мөөнөт тамак-аш ичпей же уктабай жүргөн адам ооруган сыяктуу эле, эч качан орозо кармабаган адам дагы дененин жана рухтун түрдүү ооруларына чалдыгат.

Болгону биз өзүбүз үчүн белгилүү деңгээлде пайда алып келген азыктануу менен уйкунун табиятыбызга сиңиргенбиз. Орозону дагы табиятка сиңириш үчүн Пайгамбарыбыз Мухаммеддин: *"Орозо карма, чындыгында ага теңелчү эч нерсе жок"*, – деген буйругун эстейли.

Буйрукту чын жүрөктөн аткаруу ниети адамдын аң-сезиминде орун алары менен организми ошого жараша кайра калыптанат. Орозо кармаган момун үчүн күн менен түн өзгөрбөйт, болгону кээ бир нерселер тартипке түшүп, ирээттешет. Ошондуктан ал өзүн эң сонун сезип, мурункудай эле иштеп же окуй берет, балким андан дагы үзүрлүү окуп, эмгектене алат.

**Колумбия психология мектебинин окуучу Том Бёрнс орозо тууралуу төмөнкү ойлорун баяндаган:**

*«Мен орозону дене үчүн эмес, көбүнчөсүн рух үчүн терең сыноо деп эсептейм. Орозо тутууну ашыкча салмагымдан кутулуу ниети менен баштагам. Бара бара өзүм үчүн чоң ачылыш кылдым – орозо акылдын да өрчүшүнө пайдалуу экен. Ал бардык нерсени тунук кабыл алууга шарт түзөт, ошол эле убакта жаңы ойлор жана идеяларды пайда кылып, сезимдерди бир нукка буруууга жардам берет экен. Орозо кармаганыма бир нече күн өтпөй эле мен эбегейсиз руханий жогорулоону сездим... Башында организмди ашыкча азыктардын калдыктарынан тазалоону каалайт элем, азыр болсо рухумду өмүр бою жыйнап алган терс нерселерден арылтууга ниеттендим... Мен көралбастык, оройлук, өзүмчүлдүк сыяктуу бардык терс нерселерден оолактап калганымды сездим. Ошондой эле рухумду ээлеп алган коркуу, көңүл чөгүү, жатып ичүүгө окшогон сезимдерден кутулдум... Адамдардын мага дагы жакшыраак мамиле кылгандарын сездим. Мен Түркия, Сирия, аль-Кудста Рамазандын урматында бир ай бою созулган руханий маарекелерди уюштурган мусулмандарды көп көрдүм. Мындай нерсени мен дүйнөнүн башка мамлекеттеринде эч качан көргөн эмесмин».*

Учурда адамдын муктаждыктары менен каалоолору дароо орундалганга бардык шарттар бар. Каалоолорду оозduктоо элибиз жана мамлекетибиздин бар же жок болуп кетишине түздөн-түз байланыштуу болуп калды. Ошондуктан, ар бир "мен мусулманмын" деген атуул Кыргызстаныбыздын ыйык Рамазандын убагы жана мейкиндигине толук кандуу киришине колунан келген жардамын бериши керек. Антпесек бизге улутубуздун жана өлкөбүздүн келечеги жөнүндө бир жыл эч нерсе сүйлөбөө жарашат.

# Мусулман аалымынын саясатта орду барбы?

Акыркы учурда эл сыйлаган диний аалымдар дагы саясатка аттанаарын айтып башташты. Мындай чечимдер кыргызстандыктарга, анын ичинде мусулмандарга кандай таасир берет? Кандай кесепеттери болушу мүмкүн? Бул маселенин тегерегиндеги чочулоо жана күтүүлөргө заманбап аалым, активдүү коомдук ишмер Кадыр Маликов жооп берди

КАДЫР МАЛИКОВ

### Саясатка барам деген аалымдар сөзсүз колдонулат

Эгер Кыргызстандагы азыркы партиялар жемкорлуктан байыгандарды топтобой, идеологиясы болуп, таза иштешсе мусулмандарды өз катарларына чакырбайт эле. Эл партиялардын көбүнө ишенбейт. Акаев менен Бакиевдин убагындагы атка минерлер азыр деле саясий олимптин башында экени баарына маалым. Бул партияларды баалуулук системасы байлап турган жок. Алар бири-бирине окшош, баары демократиялык жана социалдык. Бүгүнкү партиялар менен партиялаштарды бийлик жана байлык арзуусу гана бириктирип турат. Ошондуктан саясатчылар шайлоодон өтпөй калабыз деп коркуп, шайлоочулардын көңүлүн алыш үчүн өз катарына эл сүйгөн адамдарды тартуусу керек. Молдолор карапайым адамдардын арасында кандайдыр бир ишенимге ээ. Бул себептен жөн эле колдонуш үчүн саясий партиялар диний лидерлерге өзгөчө көңүл бура башташты. Саясатка барам деген белгилүү мусулман аалымдар сөзсүз колдонулат. Ушундан улам биздин диний аалымдар жемкорлор, каракчылар, ууру жана жалганчылар менен бир партиялык тизмеде болуп калуу коркунучу бар. Мисалы либералдык бир партиянын тизмеси менен кетип жаткан мусулман лидери, партиясы бачабаздарга укук берүү мыйзамын колдоп чыкса эмне кылат? Аалымдардын мындай опурталдуу аракетинен улам исламга сокку урулушу мүмкүн. Бизде мыйзам боюнча диний негизде партияларды түзүүгө тыюу салынгандыктан, бир нече партия батыштык либералдык баалуулуктарга чакырат. Ансыз деле радикалдарга катуу каршы турган 3-5 эле аалымыбыз бар. Алардын абройуна шек келе баштаса радикал пикирлерди тосо алчу эч ким калбайт. Саясатка бара жаткан аалым, канчалык коркунучтуу майданга баратканын жакшы аңдоосу керек. Алла Таала менен мусулмандардын алдында кандай жоопкерчилик алып жатканын түшүнүүсү зарыл. Анткени азыркы саясий эрежелер исламдык эмес. Саясатчы мусулман жалбарышы, намаз окуп Жараткандан кечирим сурашы мүмкүн, бирок бары бир ал дини тыюу салган саясый жана партиялык майданга чыгып жатат.

### Саясый ашканада бардык нерсенин базар баасы бычылып, сатылат

Бирок эч ким башка бирөөнү «саясатка кирбе» деп тыя албайт. Ар ким өзү тандайт өз жолун. Болгону ар бир саясатка кирип жаткан мусулман же аалым диний шариаттык нерселерди гана эмес табигый, коомдук билимге да ээ болуш керек. Айрыкча геосаясатты, Кыргызстандын ички саясый ашканасын жакшы билиши керек. Молдо болуу башка, саясатчы болуу өтө эле башка нерсе. Ал ашканада бардык нерсенин базар баасы бычылып, сатылат. Азыркы саясатчы бул алып-сатууну жакшы өздөштүргөн кесипкөй.

### Мусулмандарды саясатташтырып жаткандардын ниети - бийликке жетүү

Мындан мусулмандар саясатка каршы деген тыянакты чыгарбаш керек. Пайгамбарыбыз Мухаммад, андан кийин мусулмандардын башына келген орун басарлары да саясатчы болгон. Бирок алар исламдык түшүнүктөгү саясатчылар болчу. Исламдык саясый түшүнүк азыркы саясатчылардын аракетинен түптамырынан айырмаланып турат. Ал кезде исламдын саясаты болчу, биз азыр байкап турган нерселер - саясый ислам же исламды саясатташтыруу. Азыр саясатчылар жогоруда айтылган максаттарга жетүү үчүн исламды колдонууда. Исламдын саясаты дегендик - элге кызмат кылуу аркылуу Кудайга жана исламга кызмат кылуу. Мындай саясатта туура максатка туура эмес жолдор менен жетүүгө, алдоого, аткарылуусу мүмкүн болбогон убадаларды берүүгө тыюу салынган. Саясый исламды максат кылгандын ниети болсо - ислам менен мусулмандарды колдонуп бийликке жетүү. Ишкe ашуусу мүмкүн эмес экенин билип туруп убадалар берилет, программалар жазылат.

> ...«досум, таанышым, айылдашым, улутташым, жердешим» деп жөн эле бирөөнө кармата берген добушу үчүн тигил дүйнөдө сурак берет.



### Мусулмандар кааласа да каалабаса да саясатка катышуусу керек

Мусулмандар 2010-жылдагы шайлоолорго караганда аябай саясатташты. Бул өтө жаман. Аларды светтик негизде түзүлгөн партиялар саясатташтырууда. Мусулмандар саясатташпастан, саясатты түшүнүп, саясый активдүү болуусу керек. Саясатташуу менен саясый активдүүлүк эки башка түшүнүк. Саясый активдүүлүк – мусулмандын өзү жана элинин келечеги үчүн жоопкер экенин жакшы түшүнүүсүнө жана максаты менен милдетин толук, даана аңдоосуна негизделет. Өкүнүчтүүсү мусулмандардын көбү саясатты көр-турмуш деңгээлинде гана түшүнөт. Шайлоо убагы келгенде алар добушун сатып же алдатып жиберишет. Мындан да жаманы – саясаттан алыстап, ага кайдыгер болуп калышат. Мусулман акчага сатып жиберген, же «досум, таанышым, айылдашым, улутташым, жердешим» деп жөн эле бирөөнө кармата берген добушу үчүн тигил дүйнөдө сурак берет. Анткени биз эл бийлигин шайлап жатабыз. Биз шайлаган адам тарыхта жаман атагы менен калган заалымдардай эле «мен бийликке өзүм келип алган жокмун, өздөрү шайлап алышкан» дейт. Демократиялык түзүлүш бизге тандоо мүмкүндүгүн берип жатат. Биз каалайбызбы каалабайбызбы саясатка катышуубуз керек. Динибиз да, Конституция да бизге тандоо укугун берип жатат, ал акыны колдонууга милдеттүүбүз. Башкаларга сиздин добушту колдонууга же уурдоого мүмкүндүк бербеш керек. Ошондуктан шайлайм деген адамды же партияны жакшылап тандоо зарыл. Кантип тандайбыз? Кандай болбосун сизде тандоо мүмкүнчүлүгү бар. Сиз баарына каршы добуш берсеңиз болот. Сиз исламдык баалуулуктарга ким жакын болсо ошого бюллетень салсаңыз болот. Партиядагы адамдарга эмес, партиянын идеологиясына добуш беришиңиз керек. Азыр куулук аракеттер болуп баштады. Партияга белгилүү мусулман аалымдарын же ишмерлерин ала коюшууда. Мусулмандар өзү жакшы көрүп калган аалымга эмес, партиянын идеологиясы менен лидерине добуш берип жатканын жакшы билиши зарыл. Партиянын программаларын окуп, анын лидерлерин карап көрүүңүз керек. Анткени жакында ким депутат болот же болбойт партиялардын лидерлери чечип калат. Добушту уурдатуу же жөн эле кармата берүү – күнөө. Ошондуктан мусулмандардын саясый активдүү болуулары үчүн аларга саясатты жакшы түшүндүрүү керек.

### Мусулман саясатчысы сатпаса да, аны сатышат

Саясат майданына түздөн-түз аттанган мусулман саясатчы саясат эмне экенин жакшы түшүнүүсү керек, билүү мында аздык кылат. Азыркы саясат өтө ыплас нерсе экенин билүү зарыл. Сиз сатпасаңыз да сизди сатышат. Саясатка кирип алгандар өтө кылдат болуулары керек. Заманбап саясаттын эрежелери менен мыйзамдарын дайыма тыкыр изилдеп, үйрөнүп жаңыланып туруусу керек. Парламентте мусулмандар ар башка партияда болушса да бир болушу максатка ылайык. Эң негизгиси – Аллах ыраазылыгы үчүн элге кызмат кылуу ниети. Саясатчы фракциянын лидерине эмес, спикерге эмес, премьер-министрге эмес, президентке эмес, өз добушун берип колдогон Кыргызстан элине кызмат кылышы керек. Зыяндуу нерселерди азайтууга дайыма аракет кылуу ниетинде болуу өтө маанилүү. Адамдын акылы менен сезимдерин оңдоо биздин мамлекетте аягына чыга элек. Бийлик базардан келип саясый орундарды ээлеп алгандардын башын айлантты. Мындай адамдар өздөрүн кудай сезип башташты. Бирок алар базардан келген адам бойдон эле калышкан. Ушундай адамдар Кыргызстанда саясый эрежелерди түзүп келүүдө. Саясый эрежелердин баары биринчи жана экинчи президенттин убагындагыдай эле иштеп жатат. Теренде катылган саясый кубулуштарды түшүнбөө, светтик мамлекет кандай эрежелер менен иштерин билбөө мусулмандардын кендирин кесип турат. Бүткүл дүйнөдө жана Кыргызстанда мусулмандар заманбап геосаясатты анализдөөгө көңүл бурушпай жатат. Ошондуктан биринчиден – активдүү мусулмандар дүйнөдөгү заманбап геосаясат кырдаалды билүүсү зарыл, экинчиси карапайым элден алыстабоосу керек. Дайыма кыдырып элдин көйгөйүн угуп, өздөрүн эл өкүлү эмес элдин кызматкери катары көрүшү керек. Элди жамандыктардан коргоого милдеттүү.

# Орусиянын саясатын биздин орустар катуу сындады

Маалымат коопсуздугу ар бир үй-бүлөнү тынчсыздандырып турган убак. Уулум же кызым интернетте кимдер менен кандай мамиле куруп жатат деген суроо ар бир ата-энени ойлондурат. Бишкекетин "Ак кеме" мейманканасында NEWS ASIA эл аралык маалымат борбору "Маалымат коопсуздугу Евразия аймагындагы туруктуулуктун кепилдиги" аттуу тегерек үстөл уюштурду. Ага орусиялык жана кыргызстандык серепчилер катышты. Орус улутундагы мекендештерибиз Орусиянын Борбор Азиядагы маалымат саясатын катуу сынга алышты

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ




## Чоң мамлекеттер бир террордук топко маалыматтык согушту уттурууда



**Андрей Русаков, Орусиянын "Евразиялык изилдөөлөр борборунун" директору**

Маалымат коопсуздугу боюнча көптөгөн жыйындар болуп келет. Буга чейин маалымат согушу элдин жакыр жана наадан топторуна гана таасир бере алат деп келгенбиз. Бирок азыркы кездеги маалымат чабуулдары коомдун интеллектуалдык катмарына да таасир бере баштады. Мисалы Ирак жана Шам ислам мамлекети делген топко бүткүл дүйнөдөн ак сөөк деп аталып келген тайпанын өкүлдөрү да кете баштады. Көп өлкөлөрдө террордук деп аталган бул уюм, маалыматтык согушта чоң мамлекеттерди жеңүүдө.

Маалымат коопсуздугу адаттагыдай техника жана технологияларды гана коргоо эмес, маалымат чабуулунан гуманитардык баалуулуктарды да сактап калуу дегендик. Коомду маалымат согушунун экономикалык жана саясый кесепеттеринен коргоо да маалымат коопсуздугу алкагына кириши керек. Буга бир мисал гана келтирсек жетиштүү болот деп ойлойм. АКШ 2003-жылы Иракка кол салуунун алдында, ирактыктарга химиялык курал жасап жатат деген кине койгон. Бирок кийин бул маалыматтын чындыкка коошпогону далилденди. Ирак эмдигиче бул маалымат чабуулунун кесепетин тартып келүүдө. Көп мамлекеттердеги жаштардын өз мекенине болгон наразылыгы да маалыматтык чабуулдун натыйжасы.

Маалымат чабуулу өзүнөн-өзү пайда болгон көрүнүшпү же багытталган иш-чарабы? Албетте, пландалган иш. Ошондон улам Орусия бийлиги бул чабуулга түрдүү бөгөт коюу аракетинде. Биринчиден – Орусия Федерациясынын Мамдумасы эгер блогердин жактоочулары 3000ден ашса, блогерди Жалпыга маалымдоо каражаты катарына киргизүүнү сунуштаган. Экинчиси – башка өлкөнүн жаранына ЖМКнын акцияларынын көзөмөл пакети берилбейт. Мындан улам, маалыматтык коопсуздукту коргоо – мамлекеттин гана иши эмес десек болот. Жарандык демилгечилер менен жалпы коом дагы маалыматтык коопсуздукка жоопту. Азыр Кыргызстан Евразия экономикалык биримдигине кирүүсү да маалыматтык чабуулдарга кабылууда.

## Бийлик да оппозиция да бирдей бара алган маалымат булагы жок



**Адахан Мадумаров, "Бүтүн эмгек Кыргызстан" саясый партиясынын тең төрагасы**

Азыр Жалпыга маалымдоо каражаттары саясатчылардан дагы күчтүү. Коом оңолоюн деп аракеттенип, туура диагноз жана дарылоо күтүп турат. ЖМКлар маалыматты бурмалап бергендиктен эл эч кимисине ишенбей калды. Бардык маалымат булактары бири-бири менен согуш абалында. Бийлик менен оппозиция бир учурда бара алган бир да маалымат булагы жок. Ошондуктан орто бир форум түзүлүшү керек. Биз мамлекет башчыларына кайрылуу кабыл алышыбыз керек. "Мир" телеканалынын алкагында бирдиктүү маалымат майданын түзүү зарыл. Азыр болсо эмне болуп жатат? Мисалы КМШда Александр Лукашенкону шылдыңдабаган бир да канал калган жок. Орусиянын расмий телеканалдарында "үйдү тажиктештирүү" деген сөз, үйдү шыбап чыгуу дегенди билдирет. Ал каналдар Бали жана Мальдивдерди Кыргызстан менен Тажикстандан да көп көргөзөт. Ошондуктан бирдиктүү маалымат мейкиндиги болбосо, бардык нерсе барган сайын начарлап кете берет.

## Орусиянын берүүлөрү жергиликтүү улуттарды басынтып, жогорудан карайт



**Дмитрий Евлашков, "Российская газетанын" Кыргызстандагы редактору**

Азыр маалымат согуштары күч алды. Кыргызстан үчүн чек аралар ачыла элек, бирок ЕАЭБге кирүү кандай коркунучтуу экенин бардык жерден уксаң болот. Орусия Украинадагы маалымат согушун ута алган жок. Эми Борбор Азияны уттурабызбы деген чочулоолор бар. Кыргызстанда ушактарга негизделген "узун кулак" принциби дагы эле иштеп келүүдө. Орусиянын маалыматтык саясатын карап туруп, бирдиктүү чечим чыгарган борбор жок экенин байкайсың. Туура маалымат Орусия Федерациясынын жетекчилигине жетпей жаткансыйт. Маалыматтык коопсуздукту камсыздоо жана Орусиянын аброюн жакшыртуу жеткиликтүү каржыланбай келет. Орусиянын Борбор Азияга көргөзүп жаткан телеберүүлөрү белден жогору көтөрүлбөйт. Жергиликтүү улуттарды басынткан, аларга жогорудан караган берүүлөр көп. Ушундай мамиле кылуу менен аз жерден Кавказды жоготуп ала жаздадык. Тилдик жана этникалык басмырлоо бар. Жергиликтүү элге урмат кылууну үйрөнүүбүз керек. ИШИМге кошулуп кеткен борбор азиялыктардын жарымынан көбү Орусиядан кетишкен. Бул маалымат бизди ойлондуруш керек.

## Мамлекет жаштардын акылы менен жүрөгүн башкаларга уттурууда



**Кадыр Маликов, "Дин, укук жана саясат" аналитикалык борборунун башчысы**

Диний чөйрөдө маалымат согуштары курчпу? Бул өтө терең жана кенен тема. Анткени маалымат коопсуздугу бир эле учурда руханий жана интеллектуалдык коопсуздук дегендик. Азыр биз эмнени көрүп жатабыз? Светтик баалуулуктар терең кризиске учурады. Башка мамлекеттердей эле Кыргызстан жаштарына баалуулук багыттарын бере алган жок. Мамлекеттик кызматкерлердин бир бөлүгү атеисттик өтмүштө кала берди. Ошондуктан мамлекет дин үйрөтө албай турат. Азыркы кездеги көйгөйлөрдүн баары убагында элди динден алыстатуудан келип чыгууда. Океандын ары жагындагы достор бул боштукту дароо толтурушту. Алар кагылышууларды уюштуруу боюнча эбегейсиз тажрыйбага ээ. Ошондуктан азыркы жаштар идеологиялык багыт катары түрдүү диний агымдарды кармана баштады. Бул агымдарга болсо өлкөнүн сыртындагы борборлору таасир берип келет. Учурда мамлекет жаштардын акылы жана жүрөгү үчүн жүргүзүлүп жаткан согушту уттурууда. ИШИМ аттуу жасалма мамлекет Ютуб, Фейсбук жана башка соцтармактар аркылуу бүт дүйнөдөн жаштарды топтоодо. Азыр алардан улуттук жана регионалдык принциптеги топторду түзүүдө. Маалымат майданында ИШИМ миллиондогон долларлык каражатка келген супертехнологияларды колдонууда. ЖККУга кирген мамлекеттерге алар согуш майданында каршы чыга алышпайт. Бул мамлекеттерге аста-астадан сарыгып кирүү ыкмасына өттү. Жаштар өз мамлекеттеринде келечекке ишенбей калышты. Азыр каршы тарап маалымат согушун терминдер аркылуу жүргүзүүдө. Терминдерди ойлоп таап, аларды жоруу аркылуу маалымат салгылашын утууда.


## Бийликтин "ким бизди сындаса ал патриот эмес" дегени таң калтырат



**Александр Иванов, кыргызстандык "Русский союз соотечественников" уюмунун жетекчиси**

Маалымат согушу бардык жерде бар. Кыргызстанда да толук кандуу маалымат кармашы болуп жатат. Орусия менен Кыргызстандын мамилеси дайыма бурмаланып келет. Азыркы жаштар башкача тарбияланган. Пластилиндей жумшак болушкандыктан ар ким алардан каалаган нерсесин жасап жатышат. Орусия бул согушту уттурууда. 2005 жана 2010-жылдар кайталанууда. Бир гезитти сындырышты, анын ордуна маалыматты толук бурмалаган башкасы пайда болууда. Жасалма, адилетсиз шайлоолор. Кайра эле "орус бийлиги уктап калып, окуяларды байкабай калды" деген сөзгө калгыбыз келбейт. Мына азыр 100 жылдык деп 1916-жыл колдонулуп жатат. Эмнеге Кыргызстаныбыздын эгемендүүлүгүнүн 25-жылдыгы деген маалымат басымдуулук кылбашы керек. Эки-үч күн эмес жыл бою.

Кыргыз гезиттериндегидей негатив, ушак жана жалган маалымат бир да мамлекетте жок. Башка улуттар эмне ойлосо ойлосун, алардын сезимдери менен эч ким эсептешпейт. Орус тилдүүлөр маданият жана билим жагынан ансыз деле Орусияга байланган. Ошондуктан кыргыз тилде контент чыгаруу керек. Мен азыркы бийликке таң калам, "ким бизди сындаса ал патриот эмес" дегени эмнеси? Анда 2005 жана 2010-жылдар жөнүндө сүйлөбөй эле коёлубу? Азыр эң маанилүүсү чек аралар ачылганда, мамлекеттин кадрдык мүмкүнчүлүгүн сактап калыш керек. Эксперттик деңгээлде анализ кыла алган гезит, радио жана телевидениени калыптоо зарыл.



# Орто жана кичи бизнести чоң бизнес сүйрөйт

Гренобль университетинин магистри Нурадил Раимбеков кичи жана орто бизнестин (КОБ) Кыргызстандагы кызыктай орду тууралуу ой-жорум кылган. Келечектеги материалдарында өлкөнүн өнүгүүсү үчүн КОБдорбу же ири бизнес пайдалуубу? Ошондой эле оор салыктар кантип мамлекетте көмүскөдөгү экономиканын пайда болуусуна негизги себеп болуп жатканын билебиз



Кыргызстанда орто жана кичи бизнестерди (ОКБ) экономиканын өнүгүшүндөгү таяныч деп эсептелип келүүдө. Өлкөдөгү табигый, финансылык жана адам ресурстарынын чектелгендиги орто жана кичи бизнестин негизги жүйөсү катары айтылууда. Кыргыз Республикасынын ички дүң өндүрүмүндө (ВВПсында) орто жана кичи бизнестердин үлүшү 2014-жылга карата 45 пайызды түзгөнүн статистика далилдеп турат. Эгерде расмий маалыматтар боюнча экономиканын 39 пайызын түзгөн көмүскө экономиканын көңүлгө көлөмүн алсак, анда бул көрсөткүч 45 пайыздан дагы жогору болушу мүмкүн. Анткени көмүскө экономиканын негизги бөлүгү орто жана кичи ишканаларына туура келип калат.



НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

Көптөгөн эл аралык донордук уюмдар орто жана кичи бизнес жаатындагы проектилерди финансылык жактан кубаттап турушат. Себеби, көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдүн мисалында орто жана кичи бизнес экономикадагы классикалык маселелерди чечет. Мисалы: экономикалык конъюнктуранын толкундоосун бир калыпта кармайт; таза атаандаштык чөйрөнүн өнүгүүсүн камсыздайт; сапаттуу жана кеңейтилген кызмат системасын калыптайт; жаңы жумуш орундарын жаратат; экономиканын инновациялык мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.

Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө орто жана кичи бизнестер ички дүң өндүрүмдүн 50–60 пайызын түзүшөт. Кыргызстандын Азия менен Европаны байланыштырып турган деңизге жана башка транспорттук байланыштарга чыга турган жолу жок. Ошондуктан сырткы соода операцияларында олуттуу чыгымдар менен коштолот. Дүйнөлүк банктын Doing Business рейтингинде Кыргызстан 189 өлкөнүн ичинен 183-орунду ээлейт. Өлкөнүн бул рейтинг боюнча алсыз позициясынын негизги негативдүү фактору – сырткы соода операцияларында жогорку баа жана убакыттын создугуусу экенин билүү маанилүү. Мындай курч экономикалык шарттарда ири бизнестин гана ички жана сырткы рыноктордо атаандаштык түзүүгө кудурети жетээри айдан ачык. Бул "масштабдан үнөмдөө" эффектинин негизинде ишке ашат.

### Кичи жана орто бизнестин өз орду бар

Бирок, өнүккөн өлкөлөрдө орто жана кичи бизнеске караганда чоң бизнестин пайдасына жакшы шарттарды түзгөн объективдүү экономикалык факторлор бар. Ар кандай экономикалык, финансылык себептерден улам, унаа жана электроника чыгаруучу ишканалардын көбү өзүнүн өндүрүш процессиндеги негизги бөлүктү аутсорсингге берет. Башкача айтканда, орто жана кичи бизнес компаниялары чоң өндүрүштөргө комплекттик бөлүкчөлөрдү камсыз кылышып, аларга түрдүү кызматтарды көрсөтүшөт.


Ири көлөмүнө жараша чоң компаниялар кыска убакыттын ичинде өндүрүм кубаттуулуктарын камсыздай албай, өтө тез өсүп келе жаткан технологиялык прогресске, рыноктун суроо-талаптарына өз убагында ыңгайлаша албай жөндөмдүүлүгүн жоготот. Ушул жерден орто жана кичи ишканалар ири ишканаларга жардамга келет. Ошентип, экономикасы алдыга кеткен өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүшүндө орто жана кичи бизнестердин мааниси өтө чоң.

Кыргызстанда да орто жана кичи бизнестердин экономикада маанилүү орду бар. Бирок бул сектор таптакыр башка маселелерди ишке ашыруу үчүн пайда болгон. Орто жана кичи бизнес субъектилери тейлөө, туризм, соода, тамактануу, транспорт тармагында алектенип келет. Бул тармактарда "акыркы колдонуучуга" кызмат көргөзүлөт. Эгерде өнүккөн өлкөлөрдө орто жана кичи бизнестер "Бизнес бизнес үчүн" (Business to business) деген алкакта жайгашкан болсо, Кыргызстанда "Бизнес колдонуучулар үчүн" (Business to customers) алкагында калыптанган.

## Электр энергияны үнөмдөө программасы иштелип чыкты

ДИНАЛИАНА ЖУНУШЕВА

Борбор Азияда калкты арзан электр энергия менен камсыздаган мамлекеттердин катарын Кыргызстан толуктайт. Арзан болгондугуна байланыштуу республикада электр энергияны колдонуу жыл сайын 3–5 пайыз өссө, акыркы учурда 7–12 пайыздык көрсөткүчкө жеткен. Бул сандар Кыргызстанда жарык үнөмдөлбөйт деген түшүнүктү берет. Маселен, коңшу мамлекет Казакстанда жана ошол эле Тажикстанда электр энергияны үнөмдөө үчүн атайын программа иштеп келет. Мындай практика Кыргызстанда жок. Бирок акыркы жылдары КР Энергетика министрлиги бул багытта иш алып барып, 2015–2017-жылдар аралыгында жарыкты үнөмдөө программасы иштелип чыкты. Энергетика жана өнөр жай министринин кеңешчиси Марат Чолпонкулов Бишкекте өткөн "Борбор Азиядагы туруктуу энергетика" конференциясынын жүрүшүндө иштелип чыккан программа өкмөткө сунушталганын билдирди.



Республикада жай мезгилинде электр энергия кышкыга караганда 3–3,5 эсе аз колдонулат. Ошенткен күндө да жарык анчейин үнөмдөлбөйт. Энергетика жана өнөр жай министрлигинин статс-катчысы Батыркул Баетовдун айтымында, жарыктын баасы Кыргызстанда арзан болгон үчүн тургундар кышында көмүр сатып алгандан көрө, электр энергиясы менен үйдү жылытууну көздөшөт.

Ал эми үйлөрдөгү жана мекемелердеги керексиз жарыкты өчүрүү менен 2 миллиард киловатт саатка жакын электр энергияны үнөмдөөгө болорун министрдин кеңешчиси Марат Чолпонкулов айтат.

"Борбор Азиядагы туруктуу энергетика" конференциясы мына ушул жогоруда айтылган маселелердин айланасында болду. Казакстандан жана Тажикстандан келген коноктор өздөрүнүн кеп-кеңештерин берүү менен ар түрдүү ойлорун айтышты.

## Макмалдын 1100 кызматкери маянасыз калат

ГҮЛНАЗ МАМЫТОВА

Макмал алтын кенинде абал оор. Анткени жер астындагы алтындын запасы түгөнүп, ал эми чыгаша көбөйүп баратат. Кийинки айдан жумушчулардын айлык маянасын да бере албай калышы мүмкүн. Бул маселени ЖКда көтөрүп чыккан эл өкүлү Нурбек Касымбековдун айтымында, азыркы учурда Макмалды сактап калуунун бир гана жолу турат. Ал үчүн өкмөт тарабынан уруксат берилбей келе жаткан Кылдоо аймагындагы алтын кенин ачууга макулдук берүү.

Тогуз-Торо районунун аймагында жайгашкан «Макмал алтын» ишканасынын маалыматында, эгерде Кылдоодогу алтынды өндүрүүгө уруксат берилсе Макмалдын өмүрү дагы 10-15 жылга узармак. Кыргыз өкмөтүнө караштуу геология жана минералдык ресурстар агентиги Кылдоону трансфармациялоону колдойт. Себеби, учурда бул акмакта алтындын 5 тонна запасы бар экендиги аныкталган. Ошол себептүү Макмалдын пайдасына чечип берүү үчүн агенттик тараптан баардык аракеттер жумшалып жатканын аталган агенттиктин жетекчиси Дүйшөнбек Зилалиев белгилейт.

Кылдоодогу алтынды өндүрүүгө уруксат берилген күндө деле аны иштетүүгө эки жылдай убакыт керек. Ал эми Макмалдын азыркы абалы аны күтүп турбайт. Кыргызстан тоо-кенчилер бирикмесинин башчысы Орозбек Дүйшеевдин баамында, бул жагдайдан чыгуу үчүн Макмал кенине инвестиция тартуу кажет болуп турат.



Учурда макмалдан жергиликтүү казынага 40 млн сом киреше түшөт. Бул жергиликтүү калктын жашоосу, районун социалдык-экономикалык жактан өнүгүшү үчүн мааниси чоң. Тогуз-Торо районунун акими Тилек Идирисов, учурда комбинатта иштеген жарандардын 95 пайызын жергиликтүү тургундар түзөрүн билдирди. Анынын айтымында жумуш орундарын сактап калуу үчүн, Кылдоону ишке киргизүү керек.

# Кыргызстан-Австралия матчы

16-июнда Бишкектеги Дөлөн Өмүрзаков атындагы стадиондо тарыхый окуя болду. 2018-жылда боло турган дүйнөлүк чемпионаттын тандоо турунда Кыргызстан менен Австралия курама командаларынын беттешүүсү болду. Бул оюнда Кыргызстандын курама командасынын тандоо раундундагы биринчи жеңилүүсү болду. Биздин курама команда Азиянын учурдагы чемпиону Австралия курама командасы менен ойноду.

Конoктор оюндун 2-мүнөтүндө эле эсепти ачышып, Кыргызстан курамасына алгачкы голду киргизишти. Мэттью Леккиге карата оюн эрежеси бузулуп, айып тобу белгиленди. Топту Австралия командасынын капитаны Миле Единак тээп, Валерий Кошуба өз командасын урулган топтон куткара албай калды. Эсеп 1-0 болду.

Биринчи 45 мүнөттө эч ким гол киргизе алган жок. Экинчи таймда кыргызстандыктар каршылаштарынын дарбазасынын жанында бир топ коркунучтуу кырдаалдарды жаратышты. Бирок, мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгарып жиберип атышыты. 67-мүнөттө Томас Оура Кашубанын дарбазасынын алыскы бурчуна топту тээп, экинчи голду киргизди. Эсеп 2:0 болду.

Кудай жалгап оюндун акырында Кыргызстандын курама командасы австралиялыктарга бир гол киргизди. Азамат Байматов көтөрүлгөн топту башы менен австралиялыктардын дарбазасынын алыскы бурчуна туштаган. Ошол учурду Алмазбек Мирзалиев пайдаланып, алгачкы голду киргизгенге үлгүрдү. Матч 2:1 эсеп менен австралиялыктардын пайдасына чечилди.





## Алмазбек Атамбаев футболчулар менен селфиге түштү

Президент Алмазбек Атамбаев футболчулар менен селфи сүрөткө түштү

Президент Алмазбек Атамбаев Кыргызстандын футбол боюнча улуттук курама командасынын машыгуусуна келип кетти.

Мамлекет башчы командага ийгилик каалап, австралиялыктар менен болгон оюнда жеңишке ээ болоруна ишеним арткандыгын билдирген. Ошондой эле президент команда мүчөлөрү менен эстеликке сүрөткө түшкөн. Мындан кийин футболчулар президент менен селфи сүрөткө да тартыла койгонго жетишти.



## Темир Сариев: Биздин футболдук командабыз дүйнөлүк чемпионатка катышканга татыктуу

Кыргызстандын премьер-министри Темир Сариев 17-июнда Бишкектин Спартак стадионунда Кыргызстан жана Австралия командаларынын ортосунда өткөн футболдук матч жөнүндө өз оюн билдирген.

"Кечээ күнү бизде жакшы матч болду. Чындыгында укмуштай футбол болду. Биздин спортсмендер жакшы оюн көрсөткөнгө жарашты. Тажрыйбасы аз болсо дагы, спорт үчүн каражаттын аз бөлүнгөндүгүнө карабай командалык дымагы күчтүү болду. Биздин футболчулар Азиянын учурдагы чемпиондору менен татыктуу ойношту.




## КРдин футбол федерациясы билеттердин акчасын кайтарып бермекчи

16-июнда уюштуруу иштеринин баш аламандыгынан улам оюнга билет сатып алып, бирок кире албай калган күйөрмандар болгон. Оюн көрүүгө агылып келген жаштардын массасы ай-буйга карабай дубалдардан ашып түшүшүп, белеттүүлөрдүн ордун ээлешкен. Ушундан улам стадионго кире албай калган австралиялык жана кыргыз күйөрмандарында нааразычылык пайда болгон.

КРнын футбол федерациясы чогулуш өткөрүп, матчка кире албай калган күйөрмандардын акыбалын карап чыгышат. Бул жөнүндө футбол федерациясынын президенти Семетей Султанов билдирген.

"Австралиялыктар баш болгон матчка билет сатып алган күйөрмандар элдин көптүгүнөн, кире бериштеги тыгылыштан улам оюнду көрө албай калышкан.

Биз бул инцидентти федерациянын чогулушунда карайбыз. Балким, стадионго кире албай калгандардын билетинин акчасын кайтарып беребиз. Бул үчүн алардын колунда билети болуш керек", - деди С.Султанов.



## «Эч качан Кыргызстанды көргөн эмесмин. Эми бул өлкөгө ашык болуп калдым»

Кыргызстандын Улуттук курама командасы Австралиялыктарга 1:2 эсебинде утулуп берсе дагы. Оюнда чыныгы кыргыз мүнөзүн көрсөтүп, Азиянын учурдагы чемпиондорунун мээсине чай кайнатып жиберишти.


Матчты теледен көргөн чет өлкөлүктөр кыргыздардын оюн көрсөткөнүнө толкундanышып, Twitterге кубанганын жашыра албаган билдирүүлөрдү жиберишкен.

Роб Пертва деген жигит : "Ушуга чейин мен Кыргызстан жөнүндө эч качан уккан эмесмин. Азыр болсо бул өлкөгө менин сүйүүм артып турат", - деген экен.

Австралия командасынын башкы машыктыруучусу Анж Постиколги: "Кыргызстан командасынын даярдыгына таң калдым. Элдин сүрөөнүнөн улам алар бул оюнду жеңип кетеби деп аябай чочуладым. Мындай сүрөгөн элди биринчи жолу байкадым. Сүрөөнчүлөр оюнчуларга энергия берип турду", - деп айтты.

# Эрмек Кубанычбеков 16 жашында SAMSUNG компаниясына кантип орношкон?

Биздин алдыбызда мектепти былтыр эле бүтүргөн жаш жигит отурду. Анын жүзүнөн гениалдуулуктун белгилери деле байкалбайт. Бирок бул өспүрүм Samsungдун КМШ өлкөлөрүндөгү эң жаш расмий кызматкери болгон. Сүйлөшө келсең эң эле жөнөкөй карапайым жигит болуп чыкты. Samsungда үч жылдык тажрыйбасы бар. Эрмекти келечекте Германиядагы Дармштаттагы техникалык университетте окуу күтүп турат.



Сүрөт "Limon.kg" сайтынан алынды

Эрмек Кубанычбеков 1996-жылы Бишкекте туулган. "Менден улуу агам жана эжем бар. Ата-энем 6 жашымда ажырашып кетишкен. Мени апам багып чоңойткон", - дейт Эрмек. Бул жигит англис жана немис тилдеринде эркин сүйлөй алат. Бала күнүнөн айлана-чөйрөгө баам салганга кызыгат. Эрмек музыкалык аспаптарда ойной билген, адабиятка кызыккан ар тараптан өнүккөн билимдүү жигит.

**- Технологияларга болгон кызыгуұң кайдан пайда болду?**

- 5-класска чейин кадимки эле балдардай болуп, короодо ойноп, машинелерге кызыгып чоңойгом. Ал кездерде компьютер жаңылык болчу. Аталаш агамдын компьютеринде бир жумалап отуруп алып Counter-Strike деген оюндун сазайын берчүмүн. Бир жолу байкем оюнду өчүрүп салган экен. Аны издеп таба албай компьютерин бузуп алгам. Байкем бир айга командировка кеткен эле. Ойлонуп көрсөңүз, 5-класстын окуучусунда компьютерди оңдотууга кайсыл акча болмок эле. Өз алдымча оңдоп көрүүнү чечтим. Улуттук китепканадан китеп жаздырып алып, эсептөөчү машиналардын түзүлүшү менен тааныша баштадым. Ушундан улам кызыгуум күчөп, компьютердик технологияларды тереңдетип үйрөнө баштадым. Эстесем бир жумада 30дай китепти окуган экем. Ошондон бери компьютер өмүрүмдөгү маанилүү нерсе болуп калды.

**- Мектепте олимпиадаларга катышсаң керек ээ?**

- Ооба, математика, физика, информатика сабактары боюнча катышкам. 5-класска чейин үчкө окучумун. Эч нерсеге да кызыкчу эмесмин. Бешинчи класс мен үчүн тагдыр чечүүчү убакыт болгон экен. Мен кызыгып жакшы окуй баштадым. Мугалимдерим мага жардам беришип, түрдүү мелдештерге жөнөтө баштаты. 6-класста 9-класстардын олимпиадасына катышып, экинчи орунду алгам. Ошондон баштап информатика менен математиканы тереңдетип окуй баштадым. Былтыр шаардык олимпиадада биринчи орунду алгам. Мен катышкан эң чоң мелдеш эл аралык процессорлорду чыгарган Intel компаниясы уюштурган мелдеш болду. 7-классымда интернеттен IT адистеринин арасында сынак болуп жатканын окуп калдым. Аябай кызыгып анын шарттарын билүү үчүн атайын сайтка кирдим. Бул программалоо боюнча эл аралык конкурс экен. Бүткүл дүйнө боюнча 10 миңден ашык адам катышып, мыкты система, менеджмент, анализ боюнча атаандаштык. Конкреттүү программаларды түзүп жаттык. Конкурс төрт айга созулду. Жай бою компьютердин жанынан чыккан жокмун. Чындыгын айтсам орун алам деп деле ойлогон эмесмин. Эки жумадан кийин мага Лондондон чалышып, куттуктай башташты. Мени тамашалап жатышат го деп ойлодум. Ал кезде мобилдик шылуундар көп эмес беле. Банктагы эсебимди, дарегимди сураштаы. Ойлонуп туруп, мейли деп бардыгын жөнөтүп жибердим. Ошондон эки күн өтпөй эсебиме 10000 доллар түшүп калыптыр. Ишене алган жокмун. Ушунчалык бактылуу болдум. 16 жашта экенимди билишип, ультрабук дагы белекке беришти. Ал кездегинин эң мыктысы болчу. Мен акчамды алып, апама машина сатып бердим.

**- Апаң сени менен чексиз сыймыктанса керек?**

- Апам такыр ишенген жок. Автомобильдин рулуна отурганда гана ишенди.

**- Азыр эмне менен алектенип жатасың?**

- 8-июнда Германияга учканы жатам. Документтердин бардыгы даяр. Бул университетке былтыр эле өткөм. Визанын жоктугунан гана кармалып калгам. Дармштат – Германиядагы престиждүү техникалык университеттердин бири. Өлкөдөгү ЖОЖдордун ичинен рейтингде экинчи орунду ээлейт. Андан көптөгөн атактуу адамдар чыгышкан. Алар азыр Google, Samsung компанияларында иштешет.



**- Сен Samsungда кантип иштеп калдың?**

- Мен бул компанияда 2012-жылдан баштап иштей баштадым. Буга чейин аны менен тааныш эмес да болчумун. Фейсбукта Galaxy Note 2 жаңы өндүрүмү ойнотулуп жаткан. Катышып көрүүнү туура көрдүм. Жыйынтыгында биринчи орунду алдым. Анда компаниянын расмий өкүлү Таалайбек Дайырбеков менин 15 жашта экениме ишенбей, жолугууга чакырды. Ал ошондо гана ишенбедиби. Биз ошентип таанышып, ар кандай презентацияларга катыштык. Анан жумушка алуусун сурандым. 3 айдан соң мени стажировкага чакырышты. Башында оор эле болду. Сенден 20, 30 жаш улуу адамдар менен сүйлөшүү кыйын болду. Үнчукпай отуруп алып, ишиңди кыла бересиң. Бир жылдай иштедим го. Анда 15 те эле болчумун. Алар менен кийин жакшы дос болуп калдым. Samsungда ар кандай тапшырмаларды аткарчумун. 2013-жылы мени Samsungга кызматка расмий кабыл алышты. Менин негизги кызматым – маалыматты кыргыз тилине которуу жана мобилдик түйүн менен алектенип, каталарды тестирлөөчүмүн. Жай бою Ысык-Көлдү айланып чыктым окшойт. Телефондорду оңдоп, жаңылап, менюсу иштебесе карап чыгуу менин жумушум эле.

**- Samsungдун кыргыз тилиндеги планшеттери сен аркылуу тарап жаткан экен да ээ?**

- Ооба, бул жылы эки ай мурун компания кыргыз тилинде чыккан гаджеттерди сунуш кылды. Котормо өтө татаал иш. Мурун документацияны которчу элем. Кийин системаны которгондо ого бетер оор болду. Биз сөздүктөр менен иштеп, Мамлекеттик байланыш агенттигине барып жүрдүк. Диалекттер жана техникалык сөздөр кыйынчылык жаратып жатты. Кыскасы аябай эле оор болду. Мен бул техникалык терминдердин кептеги эквиваленттерин тапканга аракет кылчумун. Колдонуучуларга бардыгы түшүнүктүү болушу керек. Которулбай турган сөздөр да бар. Мисалы "процессор" деген сөздү кантип которосуң? Смартфондордо колдонуучу кызматтар менен менюну жакшы түшүнүү керек. Мен Байланыш агенттигине барып сурасам, алар расмий котормосун жиберишиптир. Бул котормо смартфонго такыр дал келбейт экен. Китепканадан Юдахиндин сөздүгү баш болгон он китепти алдым да, өз алдымча которо баштадым.

**- Программалоодон башка дагы эмнеге кызыгасың?**

- Сууда сүзгөндү жакшы көрөм. Комузда, домбрада, ооз комузда ойногонду жакшы көрөм. Он жыл бою ийримдерге бардым. Пианинодо ойногум келет. Азырынча окшошпой жатат.

**- Мектепте кандай окуучу элең? Мугалимдериң сага алдын-ала эле бештерди койсо керек.**

- Жок. Үй тапшырмаларды аткарып, жакшы эле окудум. Мектептен кызыл аттестат албасам дагы, бешке бүтүрдүм. Мен мектеп программасынан бир жылга алдыга озуп жүрчүмүн. 8-класста 9дукун окучумун дегендей. 11-класста кыларга иш деле калбай калган. (күлөт)

**- Чет өлкөлүк окуу жайга өтүүнү шыр эле чечтиңби?**

- Жок. Башында жумушта эле калып, карьера жасагым келген. Политехникалык университеттин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырдым. Бирок мага Германиядан күтүлбөгөн чакыруу келип калды. Мен бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгаргым келген жок. Акчаны учканга жана тамактанга эле төлөйм. Биринчи жылы даярдоо курсунда окуйм. Төрт жыл окуйм. Бешинчи жылы практикага чыгам. Кыскасы окууга баш-аягы алты жыл кетет. Мен информациялык технологиялар жаатын тандап алдым.


**- Өзүңдүн программаларың тууралуу ойлор болду беле?**

- Ооба. Samsungга чейин маршруткалардын кыймылын көзөмөлдөгөн программа түзөйүн деген оюм бар болчу. Жаңы технологияларга сарсеп салган, кабар берген сайт ачкым келчү. Убакыттын жетишпестигинен, колдон келген жок.

**- Сен өзүңдү курбалдаштарыңан улуу сезбейсинби?**

- Жок. Мен бир тармакты жакшы билүүдө эле артыкчылык кылбасам, жан дүйнөмдө ошолордой эле баламын. Узак тынч жашоону жашап өткүм келет. Өз алдынча иш кылып, элдерге жардам бергим келет. Бир эле каалоо-тилегим бар. Көп окуп, эч нерсеге багынбаш керек. Менин туугандарым, досторум "сенин колуңдан эч нерсе келбейт, убакытты бекер коротуп жатасың", дешчү. Эгерде конкреттүү максатың болсо, ага жеткенге аракет кыл. Менин максатым – үйрөнүү эле. Үйрөндүм. Уттум.

*Маек "Limon.kg" сайтынан которулду*



# Алтын кыргызды эч ким жок кыла албайт

**Кыргыздын чыгаан акыны жана журналисти Шайлообек Дүйшеев агай кээ бир телеканалдардын жетекчилигинин саясаты менен геосаясатка тиешелүү суроолорубузга: "Ар ким өзү жакшы билген нерсеси жөнүндө сүйлөш керек. Азыр саясатчы маданият жөнүндө, артист саясат жөнүндө сүйлөй берчү болду. Бул өтө уят нерсе", - деп "Сaресеп" гезитинин төмөнкү суроолоруна жооп берди**

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

**-Кыргыздардын кандай өзгөчөлүк, артыкчылык касиеттери бар деп ойлойсуз?**

-Кыргыз деген меймандос, кең пейил, эч кимге жамандык каалабаган, ачык-айрым, ак көңүл, айкөл эл. Түшүнбөгөн, билбеген элдер кыргыздын меймандостугун – болгон дүнүйөсүн чачып, тапканынын баарын коногуна салып берип, өзү эртеси эч нерсеси жок калган ысырапкор эл экен деп түшүнүшү мүмкүн. Бирок андай эмес. Кыргыз чоочун эле кишилерди конок катары сыйлаш үчүн колундагы акыркы коюн да сойгондон кайра тарткан эмес. Мындай касиет дүйнөнүн бир дагы элинде жок. Биздин жогорудагы мыкты касиеттерибизди жакшы түшүнбөгөн элдер кыргыз башка элдерге ушундай жол менен кошомат кылып атат деп ойлошу да ыктымал.

**-Эгер кыргыздын жакшы гана жактары бар болсо, анда эмнеге башка улуттагылар бизге наразы болуп жатат?**

-Германияда бир топ жыл иштеп келген кыргыздар айтышат. Иштен чыгып келатып, чогуу басып калганыңды көргөн немис, эч качан сени менен катарлаш басып сүйлөшкөндү каалабайт дейт. Андыктан, сен сөзсүз немисти алдыга өткөрүп, өзүн артынан басышың керек экен. Антпесең, "Сен неге менин "душама" кол салгын келет?" деп жек көрөт дешет. Негизи эле, калп эле күлүп-жайнамыш болгон менен Батыштын эли башка. Алар эч качан сени менен сырдашпайт, амандык-жакшылыгын эч качан бирөө менен бөлүшпөйт. Образдуу айтканда алардын сырты адам болгону менен ичи-робот. Тилекке каршы бүгүн бизди, кыргыз кылып кылымдар бою сактап келген ата салтыбызды унуттуруп, батыштын, арабдын жана башка өлкөлөрдүн баалуулуктарын таңуулагандар көбөйдү. Кыргызды түрдүү динге, түрдүү түшүнүктөргө азгырып, ит талагандай талап жатышат. Бизди ушундай жок кылчу кырсыктан кыргыздын каада салтынан башка эч нерсе сактай албайт. Бул эки жерде эки төрт дегендей эле нерсе. Арабиядан келген атактуу бир шейхтен: "Дин улукпу же Ата жолу улукпу, деп сураганда , "Ата жолу" – деген экен. Ата жолу – деген ата-бабалар укум-тукумуна улап келаткан жол, аталардын салты деген сөз.

**-Глобалдык дүйнөдө кыргыз эли өзүн сактап кала алабы? Буга пикириңиз кандай?**

-Буга чейин кыргыз өзүн кантип сактап келди эле? Ошол кылымдардан бери бизди сактап келген касиеттерибизди кайра бекемдеп, туу кылып, өнүгүп өстүрсөк, башкалар бизге суктангандай намыскөй, таза, чынчыл, кайратуу калк болсок, биз эч качан жоголбойбуз. Алтынды баары талашат, бирок аны ушул күнгө чейин эч ким жок кыла албагандай эле дүйнөдөгү элдердин алтыны болгон кыргызды эч ким жок кыла албайт. Бөлөкбөтөн элдерге таасир бере турган касиеттерибиз арбын. Анын баары өзүбүздө. "Көчмөндөр оюну" көрсөттү го, кыргыздын ким экенин?

**-"Агындылар" китебиңиздин сыртында тамеки чеккен сүрөтүңүз коюлуптур? Бул сүрөттүн жана китептин аталышынын мааниси кандай?**

-Мен бул сүрөткө жаш кезимде түштүм эле. Тамеки тартып жүргөн кезимдеги сүрөт. Ошол кездин эстелиги. Жакшы көргөн сүрөттөрүмдүн бири. Бирок, балдарды, жаштарды тамекиге үгүттөгөн сүрөт эмес. Отуз беш жыл чылым чегип жүрүп таштап салгам. Азыр чылым чекпейм. "Агындылар" агып турган дайрада агып кетип бараткан карагай, тал, терек жана башкалар... Салыштырсак, дайра адамдын өмүрү болсо, "Агынды" дегендер ошол өмүрдөн агып кетип бараткан адамдар. Дайра тартылганда же соолуганда тал-теректердин агындылары жээкке чыгып калган сыяктуу, адамдын өмүрү, жашоосу түгөнгөндө адам чын дүйнөгө чыгып кетет деген эле мааниде. Ошондуктан жашоо токтолмоюн адамдардын "жолу" токтобойт, дайра токтолмоюн "агындылар" ага берет.

## Кыргыз айлым, кыргак калпак асылым

Кыргыз айлым, кыргак калпак асылым,
Суунду кечип, оонап өскөм чөбүндө.
Көңүлүмдүн күнүн жагып акырын,
Көкүрөктүн күүсүн черттим төрүндө.

Кыргыз айлым, кырларында кыйшайган,
Тоолорунда жаткан бейгам түшүркөп.
Кашаа тамдар көзүн ирмеп жыртайган:
"Кайсыл уулум элең сен?" деп бүшүркөйт.

Кайсыл уулуң болсом дагы сагындым,
Карегимден кайып учат өңгөн жер.
Бар болгула, карылары айылдын,
Бар болгула, ата-энемди көргөндөр.

Көзүң барда үнүм чыгып, дем байлап,
Көк алдында тирүүлүгүм туямын.
Касиетиң туз-наныңа келди айдап,
Кан жолуңа таазим кылып турамын.

Жулунбадым, журттун ишин аз бүттүм,
Жука жашап, бай достордон айрылдым.
Анткен менен бала бактым, бак тиктим,
Азабыңа азап тарттым, кайгырдым.

Ойлойм кээде жамандыкка аз каттайм,
Балдарымды алыстатып алдым деп.
Таарынбагын, алыс жүрүп кат жазсам,
Талаа-түздү тагдыр кылган жамгыр көп...

# Муфтийди сыздаткан мусулман

2007-жылдан баштап Нурлан Дүйшекеев аттуу жаран 40ка жакын адамдын 160 миң доллардан ашык каражаттарын алдамчылык жол менен алгандыгы айтылууда. Бул канчалык деңгээлде чын экенин билүү үчүн "Сересеп гезити" жабырландык деген тараптар менен ИИМдин 5-бөлүмүнүн жетекчисинин орун басарынын Нурланга кандай тиешеси бар экенин сураштырдык.





АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



"Эркин эл" саясий партиясынын төрагасы **Мавлян Аскарбеков** апасынын бул адам тарабынан алданганын төмөнкүчө баяндады: "2007-жылдан баштап Нурлан Дүйшекеев аттуу жаран карапайым элдин ишенимине кирип, өтө чоң суммадагы акчаны алдамчылык жол менен алган. Бүгүн биз тактагандай 40тан ашуун адам алданган. Алты адамдан алдап алган акча 244 миң доллар. Анын ичинде муфтий Максат ажы Токтомушев да бар. Менин апамды да 17 миң долларга алдап кеткен. Жана калган жабырлануучулардан, 160 миң доллар алган. Ички иштер министрлигине бир топ ирет арыз жазылган. Бирок ушул күнгө чейин арыз кабыл алынган эмес. 2015-жылдын 26-май күнү Нурлан Дүйшекеев кармалды. Биз барып арыз жазалы десек, "убакыттын өтүшүнө байланыштуу силердин арыздарыңарды кабыл ала албайбыз" деп коюшту. 2010-жылы Нурлан Дүйшекеевге кылмыш иши козголгон. Ал издөөгө жарыяланбай, тескерисинче чет өлкөгө чыгып жүргөн. Нурландын 3төн ашык жубайы бар. Бардык активдерин, акча, мүлктөрүн, жакын туугандарына жана жубайларына жаздырып койгон. Нурлан Дүйшекеевдин Низахун Алахунов аттуу жакын тууганы бар экен. Низахун Алахунов Ички Иштер Министрлигинин 5-бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары экен. Нурлан тууганынын жардамы менен кармалган жеринен куткарылып келет. Мына бүгүнкү күнү дагы ошол адам аркылуу жоопкерчиликтен качуу аракетин көрүп жатат", – деди.



Нурлан Дүйшекеевдин капасына түштүм деген дагы бир **жабырлануучу Алимжан Раймана хунов**: "Менин балдарым дааватка чыгышып, Нурлан Дүйшекеев менен таанышат. Нурлан эки балам менен үйгө келип конок болуп, анан өзүнүн үйүнө конокко чакырып "мен силерге жер алып берем" деп алдаган. Анан мен өзүмдүн үйүмдү сатып, 24 миң доллар бергем. Бир айдан кийин жерди аласың деген киши телефонду да албайт. Үйүнө барсак жок дедиртет. Экинчи аялынын үйүнө барсак ал жакта да жок дейт. Үчүнчүсүнө барсак ал да жок дейт. Сотко арыз жазсак, ал жактан дагы баш тартып жатышат. Былтыр болсо жубайым "акча кана, биз да батирде турсак, балдарыбыз дагы батирде турса" деп ойлонуп отуруп инсульт болуп каза тапты", – деди ал.



"2010-жылы Нурлан Дүйшекеев жолдошумдун жакшы таанышы болчу. Бизнес ачып берем дегенинен Тунгуч районунда жайгашкан 3 бөлмөлүү үйүбүздү банктагы жеке кишилерге күрөөгө койдуруп 20 миң доллар алганбыз. Жалпысынан биз Нурланга 160 миң доллар бергенбиз. Ал 2007-жылдан бери карматпай жүрөт. 160 миң доллардын бир бөлүгүн достордон карыздап чогулткандбыз. Карызды кайтара албай же бизнесибиз болбой күйөөм эки жыл түрмөгө отуруп чыкты. Нурлан болсо угушубузча буга чейин жыргап эле чет өлкөлөргө чыгып жүрүптүр. Милицияга канча кайрылсак да ага кылмыш иши козголуп, издөө салынган эмес", – деди **жабырлануучу Асел Жусупова**.

Ички иштер министрлигинин 5-бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары Низахун Алахунов, Нурлан Дүйшекеевге байланышы бар. Тууганын коргоп, кылмыш иштеринен сактап келе жатат деген сөздөр канчалык чын экендигин билиш үчүн Низахун Алахунов менен байланыштык. Низахун Алахунов Нурланга эч кандай тиешеси жок экенин айтып төмөнкүлөрдү билдирди: "Ал жалган маалыматтарды биз расмий түрдө төгүнгө чыгардык. Ал адам менен эч кандай карым-катнашым жок. Бул сөздөр боюнча убактымды текке кетирүүнү каалабайм. Мен өзүм Ат-Башыдан болом. Нурлан Таластан болсо. Экөөбүз кандайча тууган болмок элек. Эч кандай тууганчылык жок. Булар жөн гана жалган кептерди айтып жатышат".

Кыргызстан мусулмандарынын муфтийи Максатбек ажы Токтомушевден "чын эле Нурлан Дүйшекеев сизди да алдаганбы?" деген суроо менен кайрылалы десек, жолугуп сүйлөшүүгө эч мүмкүн болбой койду. Азрети муфтийдин катчысы Азиз Скаков жетекчилигинин 20-июндарга чейин жайлоого чыгып кеткенин айтты.

Биз Максат ажы Токтомушев менен байланыша албаганыбыздан улам, маалымат жыйынында бул тууралуу билдирген Мавлян Аскарбековтон сурап көрүүнү туура көрдүк.

Мавлян Аскарбековдун айтымында: "Маалымат жыйынында Максат ажы алданганын ачык эле айтып чыктык. Себеби менин өзүмдүн апам да алданган. 2015-жылы 26-майда 1-май РИИБге Максат ажы тарабынан Нурлан Дүйшекеевдин алдамчылыгы тууралуу арыз жазылган. Мен Максат ажынын арызын окуган жокмун. Бирок 2007-2009-жылы Нурлан Дүйшекеев Максат ажыдан жер алып берем деп 17 миң доллар алыптыр. Ошондой эле алдамчылык менен менин апамдан алган. Элдерден алдап чогулткан акчасы аркылуу кылмыш ишин жабуу аракети көрүлүп жатат. Биз Ички иштер министрлигинин министри Мелис Турганбаев жана башкы прокурор Индира Жолдубаевадан бул ишти жакшылап териштирүүсүн өтүндүк", – деди ал.

Азыркы кезде Нурлан Дүйшекеев тууралуу сурак иштери жүрүп жатат. Анын мындай иштерге атайын барганын же курган напсисине алданганы, же башка себебин сот териштирип чечмекчи. Эң кызыгы даттанып жаткан бир да тарап акча берип жатканда, Нурландын молдо чалыш кейпине ишенип тил кат дагы алып коюшкан эмес.






Айыпталуучу Нурлан Дүйшекеев

# Дүйнөлүк банк Орто Азияда пенсия жашын жогорулатууга чакырды

ОРОЗГҮЛ АРСТАНОВА

Дүйнөлүк банк Борбор Азия мамлекеттери өз жарандарынын пенсияга чыгуу жашын жогорулатуусу керек деп эсептейт. Бул тууралуу СА-Ньюс агенттиги жазды.

Дүйнөлүк банктын Европа жана Борбордук Азия боюнча башкы экономисти Ханса Тиммер, Орто Азия мамлекеттериндеги пенсия жашы бир топ ылдый деп эсептейт. Анын айтымында бул көрүнүш өлкөнүн социалдык фонду жана саламаттыкты сактоо тармагына чоң кейгөй жаратып келет. Анткени пенсияга чыккандардын саны жыл сайын көбөйүүсү экономикага терс таасирин тийгизет.

Тиммер: "Борбордук Азия өлкөлөрү менен Европаны салыштырганда, эки аймакта тең карылыкка эрте моюн сунушат. Европада болсо бул көрүнүш 10 жылга айырмаланышы мүмкүн. Бирок эки материк эң байыркылардан болуп саналгандыктан, жашоо узактыгы бир-биринен көп айырмаланбайт. Ошондуктан Орто Азия мамлекеттери да өз жарандарынын арасында, "активдүү, сергек жана продуктивдүү карылык" деген түшүнүктү жайылтуу керек. Жаштарды кызматка алып келип, ал эми жашы жогорулагандарды пенсияга жиберүү туура эмес. Жаштар келсе иштер алдыга жылат деген стереотиптерден алыс болуу керек. Кайра тажрыйбалуу адамдардын узакка бир кызматта иштөөсү өнүккөн өлкөлөрдө оң натыйжасын алып келген."-деген пикирлерди айтып өткөн.

Кээ бир серепчилер пенсия жашын көтөрүү, өлкөдө өндүрүштүн өсүүсүнө түрткү болот, деп айтышууда

Кыргызстанда аялдар 56 жаштан, ал эми эркектер 63 жаштан пенсияга чыгышат. Аскердик, атайын кызматтар жана көп балалуулар үчүн өзгөчө жеңилдиктер каралган.





# Орусия НАТОнун аскерлеринен тынчсыздануудa

Орусия Америка Кошмо Штаттарынын Балтика өлкөлөрүнө аскер менен курал жөнөтүү планына каршы чыкты.

Тактап айтканда НАТОго мүчө өлкөлөрдүн чыгыш тарабына аскердик куралдарды жайгаштыруусу Орусияга жакпай жатат. Анткени бул уюм менен Орусия 1997-жылы кол койгон келишимде НАТО аскердик техникаларын чек араларга жакын жайгаштырбоо кепилдигин берген.

Учурда НАТОнун аскерлерин жиберүү планына АКШнын президенти Барак Обама жана коргоо министри Эштон Картер кол койсо, Литва, Латвия, Эстония жана айрым Чыгыш Европа өлкөлөрүнө орто эсеп менен 5 миң аскер, аскердик шайман жана оор куралдары жиберилет.

Орусия бул кадамды НАТО менен АКШнын агрессиясы деп кабылдоодо.

## Кабыл Макеш: «Орусия менен Катардын лицензиялары кайра каралса ФИФАнын баркы кетет»

Американын атайын кызматы Футболдун эл аралык федерациясынын (ФИФА) 2018 жана 2022-жылдардагы футбол чемпионатын өткөрүүчү өлкөдөн кантип тандалганын кайрадан карап чыгат. Алар Орусия менен Катарды тандоодо паракорлукка жол берген деп шектенүүдө.

Буга чейин ФИФАнын 9 кызматкери паракорлукта шектелип кармалса, бул чырдан улам уюмдун жаңы эле кайра шайланган президенти Блаттер өз арызы менен кызматынан кетти.

Айрым маалыматтарга караганда козголгон кылмыш иштери Орусия менен Катарды футбол боюнча дүйнө чемпионаттарын өткөрүү укугунан ажыратуусу мүмкүн делүүдө. Бирок буга карабастан, эки өлкөдө тең дүйнө биринчилиги өтөт дейт спорт баяндамачы Кабыл Макеш. Анткени мындай укукка алар мурда эле ээ болгон. Учурда Орусия эбегейсиз каражаттарды сарптап, бир нече шаарларын кызуу даярдап жатат. Эгер ФИФА лицензияларды кайра карап чыга турган болсо, өзүнүн эле кадыр-баркы кетет- деп белгилейт Макеш.

Маалыматка ылайык, Орусия менен Катар чемпионаттарды өткөрүүгө даярдык жакшы жүрүп жатканын, жана алардын лицензиясын эч ким кайра ала албастыгын айтышууда. Катар бийлиги бул окуяларды расизм деп айыптады.



Кошумчалай кетсек, ФИФАнын аткаруу комитетинин мурдагы мүчөсү Чак Блейзер Америка сотунда көрсөтмө берип жатып уюмдун аткаминерлери 2010-жылкы дүйнөлүк футбол чемпионатын өткөрүүнү Түштүк Африка Республикасынын пайдасына чечүү үчүн коррупциялык жолго барышканын тастыктаган.



## Каримов Ош окуясын «согуш» деп атап, нааразычылыктарын айтты

Өзбекстандын президенти Ислам Каримов 2010-жылдагы Ош окуясынын дагы деле иликтенбегенине наараз. Ал мындай пикирин БУУнун баш катчысы Өзбекстанга барганда айтты.

Пан Ги Мун менен Ислам Каримовдун Ташкенттеги «Көк сарай» резиденциясындагы жолугушуусунда, өзбек ажосу кепти Ош окуясынан баштаган. Каримов: «2010-жылдагы июнда Кыргызстандын түштүгүндө болгон коогалаңды окуя эмес, «согуш» деп атаса да болот. Анткени ал жерде этникалык кагылышуу жогорку деңгээлдеги чыңалыш менен коштолгон. Бирок Кыргызстан бийлиги бул окуя боюнча эч кандай жыйынтык чыгарган жок. Согушту ким баштаган, ким буйрукту аткарганы тууралуу да иликтөө жасалбады. Бул бир гана кыргыз-өзбек этносторунун кейгөйү эмес, жалпы Борбордук Азия үчүн маанилүү маселе. Эгер Ош окуясы боюнча иш козголуп, иликтөө аягына чейин чыкпаса, Орто Азияда адам укуктары, бейпилдик тууралуу сөз кылууга мүмкүн эмес», - деп Пан Ги Мундан Ош окуясына эл аралык укуктук баа берилишин суранды.

Мындан сырткары Ислам Каримов, Ош окуясында Өзбекстандын чек арасына качып барган 110 миң өзбектерге баш калка бергенин да баса белгилеп, журналисттерге «Силер бул маалыматты жакшы билип алгыла»- деп кайрылган.

Ошондой эле өзбек ажосу Пан Ги Мундун Ошко болгон сапарына жеке көз салганын, бирок ал жерде калк менен жолугушуу учурунда Ош окуясына укуктук баа берүү кеберектигин баса белгилеп айтпаганына нааразы болгон сыяктуу пикирин кыйыткан. Ош окуясы тууралуу кеп кылып жатканда, Каримовдун ачуулуу маанайда экени байкалган.



## Орусия Орто Азияга таасирин арттыруу үчүн атайын фонд түзөт

Орусия БУУнун өнүктүрүү программасы ПРООН менен биргелешкен фонд түзүүдө. Фонддун каражаттары Орусия менен жакын ымаласы бар өлкөлөргө жумшалат.

Анын арасында Кыргызстан да бар. Фонддун баштапкы капиталы 25 млн доллар деп бааланууда. Анын алкагында Орусия Кыргызстан, Армения, Тажикстан жана Белоруссияга финансылык жардам көрсөтөт. Бул көрүнүш Орусиянын коңшу өлкөлөргө карата таасирин дагы да жогорулатат деп эсептешүүдө адистер.

Маалым болгондой жакында эле Орусиянын Тышкы иштер министри Сергей Лавров БУУнун баш катчысынын орун басары жана БУУнун Өнүгүү программасынын төрайымы Хелен Кларк менен жолугушкан. Анда фонд түзүү чечими кабыл алынган.



# Көшөгөгө өспүрүмдөр кирүүдө

Акыркы убакта Кыргызстанда турмушка эрте узаган секелектердин саны көбөйүүдө. Иликтенген маалыматтар боюнча өлкөбүздөгү кыздардын 12 пайызы бойго жете элек убагында көшөгөгө кирет

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Кыргызстанда өспүрүм кыздарды эрте күйөөгө узатуу жыл сайын арбып барат. Өзгөчө мындай көрүнүш диний көз караштарды катуу карманган түштүк тарапта көп учуроодо. Эрте турмуш курган кыздардын айрымдары жашоосун улантып кетсе, көпчүлүк жаш үй-бүлөлөр ажырашууда.

Балдар гинекологу Жылдыз айым өспүрүмдөр эрте турмушка узап жатканда психологиялык жана физиологиялык жактан даяр эмес болот дейт: «Кыздарды эрте күйөөгө берүү алардын ден соолугуна, келечек жашоосуна коркунуч алып келет. Төрөттөн каза болгон, боюнан бир нече ирет түшкөн, балдары патологиялык белгилер менен төрөлгөн айымдардын көбү 19 жашка чейинкилер. Организм жаңыдан жетилип келе жатканда, турмушка чыгуу ага доо кетирип, гормоналдык бузулууга алып келет. Мындан улам кээ бир кыздар балалуу боло алышпайт», – дейт гинеколог. Жылдыз айымдын айтымында эрте турмушка чыгуу ден соолукка канчалык зыян экенин өспүрүм кыздарга мектеп учурунда түшүндүрүп, атайын агартуу иштерин жүргүзүп туруу зарыл. Ошондой эле ата-энелерге да маалымат берип туруу шарт.

17 жашында турмушка аттанган Бегимай жолдошу өзүнөн 7 жаш улуу болгонуна карабастан бири–бирин жакшы түшүнөөрүн айтат: “2011–жылы мектепти бүтүргөн соң 2 жыл сүйлөшүп жүргөн жигитиме турмушка чыккам. Башында окушуң керек деп апам каршы болду. Анын үстүнө жолдошумдун улуту өзбек эле. Күйөөгө чыккан соң үй-жай деп жүрүп жогорку окуу жайга тапшыра албадым”, – дейт Бегимай айым. Каарманыбыз учурда баласын апасына таштап, Орусияда жолдошу менен соода кылып жүргөн маалы.

Кыргызстан 1996-жылы кыздардын бойго жеткенде гана турмушка чыгуусуна уруксат берген Конвенцияга кол койгон. Ага ылайык 18 жашка чейин кыздарды күйөөгө берүү кылмыш болуп эсептелинет. Укук коргоо кызматкери Кадырбек мырза өспүрүм кызга үйлөнгөн жаран сот жообуна тартылаарын айтып төмөнкүлөргө токтолду: “Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин үй-бүлөлөргө жана өспүрүмдөргө жасалган кылмышка тиешелүү 20-бөлүмүнүн 154-беренесине ылайык 17 жашка чыга элек кызга үйлөнгөн жаран 100 миңден 500 миңге сомго чейин айып пул төлөйт, 5 жылга эркинен ажыратылат. Эгер үйлөнүү максатында өспүрүм кызды ала качса 5 жылдан 10 жылга чейин түрмөгө түшөт. Бирок жогоруда аталган мыйзамдар көпчүлүк учурда кыз тарап арыз менен кайрылса гана ишке ашат. Ошол себептен өспүрүм кыздардын турмушка чыгуусун азайтуу үчүн, өспүрүм кызды күйөөгө берген ата-энесин да, алган тарапты да сот жообуна тартып, катуу жазалап, ЖМК-лар аркылуу жайылтуу керек”, – дейт укук коргоочу. Кадырбек мырзанын айтымында секелек кыздарга үйлөнүп же ала качкандар айыл жергесинде арбын. Көпчүлүгү атайын органдарга арыз жазбастан, документи жок болсо да нике кыйдырып жашап калышат.

Жанараны 9-класста окуп жүргөндө белгисиз адамдар ала качып кеткен: “Сабактан үйгө кайтып келе жатканымда подъездимдин жанында бир машина токтоп турган, өтүп бара жатсам эки бала чыгып машинага салып, айдап жөнөштү. Мени ала качып бара жаткандарын кошунамдын баласы көрүп, ата-энеме айтыптыр. Атам жол кайгуул кызматында иштегендиктен бардык тосмолорду жаптырып, жарым жолдон машинаны кармап калган”, – дейт. Жанара ала качкан балдар кошуна айылдын эле балдары экенин, бирок ата-энелери келип кечирим сурагандыктан сотко жеткирбей эле ишти жаап койгондорун кошумчалай кетти.

Мындай никенин көбү диний жөрөлгөлөр боюнча кыйылып келүүдө. Биз кайрылган Жаныбек молдо ислам дининде кыздар балакатка жетип, никеге жарамдуу болгон учурда турмушка чыгууга уруксат берилет. Ар бир кыз ар башка жашында жетилгендиктен, белгилүү бир жашта турмушка чыгыш керек деп чектөө коюлган эмес. Жаныбек молдонун айтымында физиологиялык жактан турмушка даяр болсо, үй-бүлөсү макулдугун берсе, өспүрүм кыздардын күйөөгө тийүүсүнө шарият тоскоол болбойт: “ Бул жерде ата-эне негизги ролду ойнойт. Эгер кызынын турмушка жетилип калганына көздөрү жетсе, анда күйөөгө узата берсе болот. Ошондой эле нике кыюу кыздын макулдугу менен гана ишке ашат”, – дейт Жаныбек мырза. Каарманыбыздын айтымында өспүрүм кыздардын көбү турмушка өздөрү макул болуп чыгышат. Эгер алар нике кыйуу учурунда каршылык көрсөтсө, ар бир динден туура кабары бар молдо, эч бир учурда нике кыйбайт.

Лейлек айылынын тургуну Фатима эже өз кызын 16 жашында күйөөгө узаткан. Кыз эртеби, кечпи турмушка аттанышы шарт деген эже төмөнкүлөргө токтолду: "Биз жакта кыз канчалык эрте турмушка чыкса, ошончолук жакшы. Ата-энесинин маңдайында көпкө чейин олтура берүү уят. Кудалашып келгендер жакшы үй-бүлөдөн болсо бере беребиз. Айылыбызда турмушка чыккан кыздардын көбү окуусун бүтүп, жогорку окуу жайга тапшырууга мүмкүнчүлүгү жоктор. Ал эми бардар үй-бүлөнүн кыздары окуп, ошол себептүү алар турмушка кеч чыгышат", – дейт Фатима айым.

Граждандык ал алабалдын актыларын жазуу бөлүмүнүн (ЗАГС) кызматкери Айнура айым Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча 18 жаштан нике катталат, бирок үй-бүлөлүк кодекстте белгилүү бир себептер болсо 16 жаштан күйөөгө чыгуу мүмкүн деген бөлүм бар дейт. Айнура айым: “Үй-бүлөлүк кодекстин 14-беренесинин 2-пунктунда көрсөтүлгөндөй, эки жаш жүйөлүү себептер менен, мисалы боюнда болуп үйлөнүүнү калааса, анда алар жашаган жеринен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарына кайрылышат. Ал жерден атайын комиссия түзүлүп бул маселе каралат. Андан кийин гана биз никени расмий түрдө каттайбыз. Эгер айтылуу органдардан маалымдама жок болсо биз никени каттай албайбыз”, – дейт. Айнура айымдын айтымында учурунда расмий каттоосу жок нике кыйдырып жашап алган жаштар, кийин балалуу болуп балдарына документ ала албаган соң, нике күбөлүгүн алуу үчүн кайрылышат.

Бойго жете элек секелектердин турмушка чыгуу маселеси юридикалык суроо болгондуктан өнүккөн өлкөлөрдө да атайын мыйзамдар кабыл алынган. Россияда турмушка чыгууга 18 жаштан уруксат берилет, ошондой эле баш кошуучу эки тарап катуу суранса 16 жаштан үйлөнүүгө мүмкүн. Шотландияда күйөөгө чыгууга 16 жаштан уруксат берсе, Америкада үй-бүлө куруу курагы 18 жаш болгонуна карабастан, айрым штаттарда 15 жаштан баштап турмуш жолуна аттанышат. Кытай мамлекети 1981-жылы кыздар 20 жашынан баштап турмушка чыгат деп атайын мыйзам кабыл алган.

Кыздарынын секелек экенине карабастан күйөөгө узатып жаткан ата-эне институту, турмуштун оор түйшүгүн өспүрүм кыздары көтөрө албай тургандарын эске алып, балдарынын келечеги үчүн формалдуу диний жана салттык көз караштан арылуулары абзел.



# Адамгерчилик бул эң биринчи...

ЭЛИЗА ИРАНОВА

Мугалим ызы-чуу түшүп жаткан класстын эшигин акырын ачып өз ордуна барат. Барат, бирок, отурбастан дароо эле доскага бор менен жаза баштайт. Окуучулар саамга тынчый түшөт. Адатта алардын ызылдаганын жактырбаган агайынын бүгүнкү аракети аларды таң калтырат. Баары жабыла досканы карап калышат. Агайы чоң кылып 1 санын жазат да артына бурула «Бул адамгерчилик, мүнөз, жашоодогу маанилүү өтө баалуу нерсе...» деп сөз баштайт. Андан соң 1дин жанына нөл санын жазат. Жакшы мүнөз ийгиликке алып келет, т.а. 1ди 10 кылат. Бир 0 дагы кошуп мунун тажрыйба экендигин, анын 10ду 100 кылаарын, дагы бир нөлдү кошсо жоопкерчиликтүү адам болоорун, нөлдөр мына ушундайча талант, ийкем, сабырдуулук, сүйүү ж.б. болуп бирдин артына кошулган ар бир нөл инсандык мыкты сапаттарды дагы да жакшыртып, дагы да 10 эсеге көбөйтүп, арттыраарын, түшүндүрөт. Окуучулар менен жакшы сапаттарды эсептеп нөлдөрдү дагы көбөйтүшөт.

Ошентип бир канча мыкты сапаттарды чогуу эсептешкен соң агайы толтура нөлдүн алдында турган 1 санын өчүрүп, эми эмне калды деп сураган суроосуна окуучулар унчукпаган соң өзү жооп берет. Бир (1) бул адамгерчилик, ал жок болсо калган мыкты сапаттар эч нерсеге жарабастыгын, эч мааниси калбастыгын түшүндүрүү менен кадимки сабагын баштайт.

## Акыл мурастары

Эркелетип тарбиялай албаган коркутуп тарбиялай албайт.
А.П.Чехов

Ата-эне балдарын бапестеп, өтө эле мээримдүүлүк менен сылап-сыйпай берип, көпчүлүк учурда бузуп алышат. Үйрүлүп түшпөй, токтоолук менен тарбиялаган балдар адептүү болуп чыгат. Аталык мээрим дал ошондой болууга тийиш.
Д.Дидро

Мен үчүн аялдын эки гана түрү маалым: биринчиси бизди азапка салса, экинчиси биздин азабыбызды тартат. Биздин азабыбызды тарткандардан мен бирөөнү гана билем. Ал – менин энем.
Эзоп

...биздин балдарыбыз – биздин келечегибиз. Туура тарбия берсек – биздин бактылуу карылыгыбыз, жаман тарбияласак – ал биздин шорубуз, көз жашыбыз, башка адамдардын, бүткүл өлкөнүн алдында биздин кечирилгис күнөөбүз.
А.С.Макаренко

Дүйнө – толкуган океан. Анда компас менен сүзгөн суучул бактылуу. Компас болсо – тарбия.
Н.Карамзин

Аял менен эркек – турмуштун эки түрдүү нотасы. Ансыз адам баласынын ички дүйнөсүнүн кылдары туура чертилип, толук күүгө келе албайт.
Ж.Мадзини

Өмүр – гүл, сүйүү – гүлдөн чыккан бал. Балды татууга болот, ал эми чөмүлүүгө болбойт.
В.Гюго

Кызганчаак адам кичинени – чоң, жокту – бар кылып көрсөткөн дүрбү аркылуу көрөт.
Т.Драйзер

Ата-эненин баласына калтырган эң баалуу мурасы – ага берген жакшы тарбиясы
Мухаммад пайгамбар

# Кандай тарбиялайсыз?



Бала тарбиялоо ташка тамга баскандай деп коюшат эмеспи. Чынында туура багыт берип, кыйынчылыктарды жеңип кетүү ар кимдин эле колунан келе бербесе керек. Ар бир адам өзүнүн мүнөзүнө, тажрыйбасына, уккан билгенине таянат эмеспи. Сиз да өзүңүздүн кандай тарбиячы экендигиңизди билгиңиз келеби? Анда келиңиз чогуу байкап көрөлү. Төмөндө 19 суроого жараша "ооба", "кээде" жана "жок" деген жообуңуздун баллын шакекчеге алыңыз.

*Ооба 0 3 3 4 0 5 1 3 0 4 3 0 5 3 5 0 5 5 4*
*Кээде 2 4 2 3 3 2 2 4 3 2 2 1 1 2 1 1 0 1 2*
*Жок 5 1 0 0 4 0 4 1 4 0 1 4 0 0 0 4 0 0 0*

1) Балаңыздын кээ бир суроолоруна «муну чоңойгонуңда айтып берем» деп жооп бересизби?

2) Балаңызга майда-чүйдө өзүнө керектүү нерселерин сатып алууга акча бересизби?

3) Балаңыздын кээ бир өтүнүчтөрүнө каршы экениңиздин себебин түшүндүрөсүзбү?

4) Балаңыздын эч нерсе жасай албаса да үй иштерине жардам берүүсүнө уруксат бересизби?

5) Балдарга кээ бир нерсени калп айтып коюуга болот деп ойлойсузбу?

6) Жаш балаңыздын байкап билүүсүн, аң-сезимин өстүрүү үчүн ар түрдүү мүмкүнчүлүктү пайдалана аласызбы?

7) Жаш балаңыздын көзүнчө тааныштарыңызды сындайсызбы?

8) Жаш баланы алдабоо керек деп ойлойсузбу?

9) Жашоодогу ар түрдүү учурларды балага түшүндүрүүгө болот деп ойлойсузбу?

10) Балдарды тарбиялоо тууралуу китептерди окуйсузбу?

11) Кичине болсо да балдар өзүнүн сырларын айтпоого укуктуу деп ойлойсузбу?

12) Балаңыз тамагын толук жебесе ага жаза көрсөткөн учурларыңыз болобу?

13) Анын өзүнө ишенимдүү жана бирөөгө көз караңды болбой чоңоюсуна кандайдыр бир аракеттерди жасайсызбы?

14) Балаңыз менен кубанычын бөлүшө аласызбы?

15) Бош убактыңызды балдарыңыз менен өткөрөсүзбү?

16) Балдарыңыздын жөндөмүн башкаларга көрсөткүңүз келеби?

17) Айткан сөзүңүздү ошол замат угуп, макул боло тургандай кылып жеткире аласызбы?

18) Балаңыз тежиктенгенде өзүңүздү кармай аласызбы?

19) Анын курбулары менен болгон достук мамилелерин оңой эле калыбына келтире билесизби?

**Топтолгон баллдын суммасын эсептеңиз.**

*25 упайдан төмөн*

Катуулук – бала тарбиялоодогу жалгыз жол эмес. Бул принципти карманган болсоңуз балаңыз шайыр жана бир калыпта болуп чоңоё албайт.

*25-56 упай*

Сиздин принциптериңиз негизинен туура. Бирок, логикалык жактан эле карай бербестен бир аз реалист болуу да жакшы экенин эстеп коюңуз.

*56 упайдан жогору*

Сиздин чыдамкайлыгыңыз, жаш баланын психологиясын түшүнө билүүңүз бала тарбиялоодо жакшы ийгиликтерди, натыйжаны бере алат. Сизди жакшы тарбиячы дегендердин сөзүнө ишене берсеңиз болот.

### Баланы жашынан, бирок...

1. Балаңыз менен анын сезимдери, муктаждыктары жөнүндө сүйлөшүңүз.
2. Анын ар бир сүйлөгөн сөзүнө маани берээриңизди кыймыл-аракетиңиз менен билдириңиз.
3. Балаңыздын сезими, ой-пикирлери жөнүндө ой бөлүшүңүз.
4. Анын жашына, жөндөмүнө жараша иш бериңиз.
5. Кайсыл жашта болсо да аны менен ойноого убакыт бөлүңүз.
6. Канча жашта болбосун анын сизге айткандарын уга билиңиз.
7. Баланын айткандарына кулак салбасаңыз, ал да сизге кийин ошондой мамиле жасаарын унутпаңыз.
8. Бала менен сүйлөшүп жатканда сөзсүз түрдө анын көзүнө караңыз.




# Айкөлдүн түрдүү сүйүүсү – 5

## Чукугуч Маңги Муң

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Лаззаткана лаззаткана демекчи, Кумурстанда бул эреженин натыйжасы чыкпай дымып турганда Четкуялыктар дагы бир маселени акырын чукулап көрмөй болушту. Ооба, бул жолу кадимки эле ЧӨӨнүн (Чукулоо Өкмөтүнүн Өкүлдөрү) баш камчысы Маңги Муң өзү чукуганы келди.

- Ээ, келсе келди да. Келбей жүрдү беле? – деди да Шаша Хахамбай нары карап бийлеп, бери карап жыргап барып өзү тосуп алды.

- Мен кайсы жерди чукушту өзүм билем, - деди Маңги Муң келээри менен.

- А бопту анда. Каалаган жериңизди чукуңуз. Бизде баары ачык, - деп сүйүнүп кетти Хахамбай. Ошентти да башкы манекбаш Темр Сарды кошуп Хошту карай узатып жиберди.

Айтмакчы, Кумурстан ЧӨӨнүн баш камчысы үчүн чоочун деле жер эмес. Себеби бул жерге алар эчак эле өздөрүнүн таманын соруп жан баккан кумурскаларды дайындап коюшкан. Алар Маңги Муңду Хошто казатка кеткен эрин күткөн катындай чыдамсыздык менен күтүп атышты. Айрыкча «Чылым Заңы» кичи чукулоо уюмунун башчысы, атактуу чукукчу Оазиз Абдрасиго аябай чоң даярдык менен күттү.

Бирок, бул жолу анын тилегин таш капты. Кайран чукукчулар канча аракет кылышса да атанын таманын соро алышкан жок. Маңги Муңду тегерете курчап алган тинттер аларды жакындатпай койду. Маңги Муң деле бул жорукту байкады окшойт. Бирок, кантсе да ал бир аз эркегирээк эмеспи. Көпчүлүктүн көзүнчө таманын сордурганы бара алган жок. Тек гана көзүнөн жашын кылгыртып (Айтмакчы, так ушундай учурларда ички сезимин билдирбеш үчүн көздөрүн атайын жымшыйта жазатып алган) кете берди.

Ошону менен ал чогулган кумурскалардын алдына чыгып илгертен даярдана келген сөздөрүн айтып сөзүн баштады.

- Биз бул жерге жөн эле келген жокпуз, - деди ал. Баса, айтмакчы, Маңги Муң чынында эле жөн келген эмес. Мындан беш жыл мурда Хош шаарын жердеген пахтакор улутундагы кумурскалардын он жылда бир кармачу кутурма оорусу күтүүсүз күч алып кеткен. Натыйжада, жергиликтүү кумурскалар аларды бат эле кармап, жинин чыгарып коюшкан болчу. Ал эми такыр айыкпай тургандарын зынданга салып, кээ бирин тоо-талааны аралата кубалап салышкан. Көрсө Маңги Муңга жергиликтүү элдин ошондогу кутурманы дарылоо ыкмасы жакпай калыптыр. Мына сага десең. Чукулаганга эч нерсе таппай турган немелер түз эле жетип келгени ошондон эле.

- Мен бул жерге беш жыл мурунку кутурма оорусун элдик ыкма менен дарылагандарды чукулаганы келдим, - деп улантты Маңги Муң өз сөзүн. – Албетте биз силерде оору чыгышын каалабайбыз. (Ушул сөздү айтып жатканда Маңгинин жымшыйган көзү дагы бир күлүңдөп кетти. Бирок, жымшыйган көздүн эмне болуп атканы эч кимге билинбейт тура чиркин.) Бирок, ошентсе да оору деген оору. Кээде кутурду дегендер кутурбай, кутурбады дегендер кутуруп калышы мүмкүн. Эң негизгиси жашына, улутуна карабай кутургандарды туура такташ керек. Мындан сырткары ооруулуларды элдик ыкма менен дарылаганга болбойт. Ошондуктан биздин ЧӨӨлөрдүн чыгарган төрт улуу сөзүн айтып койоюн. Биринчиден, кутургандарды улутуна, жашына карабай кайрадан дарылаш керек. Экинчиден, катуу ооругандын баарын дарылаш керек. Үчүнчүдөн, ашкере дарылоо жолу менен дарылангандарды кайра текшерип көрүш керек. Төртүнчүдөн, улуттар аралык ооруларды алдын ала эмдеш керек...

Бул сөздөр албетте пахтакорлорго майдай жагып калды. Себеби, алар дагы эле өздөрүн күнөөлүү сезбей, кыжалат болуп жүрүшкөн. Кыязы кээ бирөөнө кутурма оорусу жага түшсө керек. А кээ бирөө болсо ошол эс учун билбей кутуруп жүргөндө катуу дарылап коюшканына таарынып калышкан окшойт. Негизи эле бул пахтакорлор кызык калк болот. Оорудан айыкканына рахмат айтуунун ордуна, кайра догун артып келишкени таң калаарлык. Ооруну жугузган да өздөрү, тараткан да өздөрү, анан дарылагандарды жаман көрүшөт...

Айтмакчы, Маңги Муң ушул жолугушуудан кийин түз эле Пахталаа өлкөсүнө жөнөдү. Бул жактан жылт эте түшкөн тешикти эми арт жагынан да кеңейте чукулап койбосо моокуму канбай калчудай. Анан калса ал жактын уяханы да укмуштуудай жомокчу киши эмеспи. Жакында көз жумуп кетсем көп сөзүм айтылбай калбасын дейби, айтор тынымсыз жомокторду айтып берчү адаты бар. Демек, андай адамдарды чукулап койсоң биротоло эле сайгактап кетиши да мүмкүн. Маңги Муң билээт анын сырын.


Ошентип Маңги Муң атайын даярдалган көзүн кымыңдаткан бойдон Слам Крамирге жетип барды. Алгач Слам анын эмнеге келгенин түшүнгөн деле жок. Ашты сагынганбы деп аш берди, гөштү сагындыбы деп гөш берди. Кулагы да катуу болуп калганбы бечаранын, Маңги шыбыраса да укпады, кыбыраса да укпады. Акыры Маңги Муң аны акырын бөлмөгө тартып, көпкө бежиреп чыкты. Ошондон тартып эле Слам боздоп ыйлап баштады. Маңги аны эмне кылды ким билет? Же, кутурма оорусун козгой турган мирус сайып койдубу, айтор табышмак бойдон калды. Слам Крамир болсо чыккандан тартып Маңги Муңду кучактап алып:

- 2010-жылы Хошто пахтакорлорду дарылабай эле кралиндеп салышты. Ошондон далай пахтакор бизге качып келди эле мен аларды сасыганына карабай киргизип алдым. Эми Кумурстандыктар ушуга жооп бериши керек! Мен ошого ичим ачышат, - деп боздоп жатты ал.

Айтмакчы, Маңги Муң негедир бул жолу Слам Крамирдин Гандижандагы пахтакорлорду айоосуз кралиндегени тууралуу унчуккан жок. Эми бул чукугуч да. Каалаганын каалаган жагынан чукуй берсе болот. Бүгүнчө ушуну чукуп турсун, кийин аны деле чукуйт. «Ээх, баарыңарды чукуйм, шашпагыла, баарыңды чукуйм» деп өзүнчө маашырланып көзүн жымыңдатып отурду ал. Бирок, жымшыйган көздөн анын кубанганы да, кайгырганы да билинген жок...


**Бөлмө аралык ЭШИКТЕРДИ жанаТЕПКИЧТЕРДИ буйрутма алып жасайбыз.**

**Тел. : 0700-69-45-01**
**0770-60-99-06**



**Салон белорусской мебели "Э-Лира"**

Адрес: г. Бишкек, ул. Ахунбаева, д. 48 (угол ул. Бектенова), тел.: +996 /312/ 88 09 84, моб.: +996/550/ 70 44 88




# Нурсалам
**кафе * чайкана**

Палоо, самса, түшкү тамактар, манты, мастава, мампар, жөжө табак, куурдак, пирожок, банкет 50-60 кишиге

**Буюртма үчүн телефондор: 0552626562, 0772390595**

Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 603, Жаш гвардия менен кесилишет


**GREEN CITY**
hotels & resorts

***Green City мончосу***
***Исакеев көч., 2а***

*түрк хамамы*
*орус мончосу*
*туз камерасы*
*бассейн*
*балыктар менен пилинг*
*массаж*
*жаш балдар бөлмөсү*
*ж.б*




*www.greencity.kg*



***Greencity мейманканасы***
***Тынчтык пр, 16***

*бир орундуу бөлмөлөр*
*эки орундуу бөлмөлөр*
*КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ*
*ресторан*
*бизнес ланч*

*+996 312 87 87 50*
*+996 559 87 87 50*

# Triangle
**Курулуш компаниясы**

**Батирлер насыяга пайыссыз 18 айга берилет**









**Дареги: Бишкек ш., Ажыбек Баатыр көч.9**

**Тел: 0555 00 15 00; 0559 33 39 60; 0552 89 57 62; 0771 99 99 99**



Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Айжамал Бейшеналы кызы.

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы.

**Реклама жана маркетинг:**
Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш.,
И. Ахунбаев көч., 182б
**Тел.:** (0312) 93–65–55,
(0312) 25–22–52
**Пикир айтуу үчүн E-mail:**
saresepkg13@gmail.com
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5500
**Буйрутма №1552**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.